# Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IAS ) 1

## *«Финансылык отчеттуулукту берүү»*

## Максаты

1 Ушул стандарт анын финансылык отчеттуулугун өткөн мезгилдер менен, ошондой эле башка ишканалардын финансылык отчеттуулугу менен салыштырмалуулугун камсыз кылуу үчүн, ишканалардын жалпы багыттагы финансылык отчеттуулугун берүүнү камсыз кылуунун негиздерин белгилейт. Ушул стандартта финансылык отчеттуулукту берүү боюнча, анын түзүмү боюнча жана анын мазмунуна карата минималдуу көрсөтмөлөр баяндалат.

## Колдонуу чөйрөсү

2 Ишкана ушул стандартты Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына (ФОЭС) ылайык жалпы багыттагы финансылык отчеттуулукту даярдоодо жана берүүдө колдонуусу керек.

3 Конкреттүү операцияларды жана башка окуяларды таануу, баалоо жана ачып көрсөтүү жагындагы талаптар башка ФОЭСтер менен белгиленет.

4 Ушул стандарттын колдонулушу *«Аралык финансылык отчеттуулук*» ФОЭС (IAS) 34кө ылайык даярдалуучу кыскартылган аралык финансылык отчеттуулуктун түзүмүнө жана мазмунуна жайылтылбайт. Бирок, мындай финансылык отчеттуулукка 15–35-пункттары колдонулат. Ушул стандарт бардык ишканаларга, анын ичинде *«Бириктирилген финансылык отчеттуулук*» ФОЭС (IFRS) 10го ылайык бириктирилген финансылык отчеттуулукту берүүчү, ошондой эле *«Өзүнчө финансылык отчеттуулук»* ФОЭС (IAS) 27ге ылайык өзүнчө финансылык отчеттуулукту берүүчү ишканаларга карата бирдей даражада колдонулат.

5 Ушул стандартта мамлекеттик сектордун коммерциялык ишканаларын кошуп алганда, коммерциялык ишканалар үчүн туура келген терминология пайдаланылат. Эгерде коммерциялык эмес иштерди жүзөгө ашыруучу жеке же мамлекеттик сектордун ишканалары ушул стандартты колдонушса, аларга финансылык отчеттуулуктун айрым беренелеринин жана отчеттук формалардын өздөрүнүн аталыштарына өзгөртүүлөрдү киргизүү талап кылынышы мүмкүн.

6 Ушундай эле түрдө, *«Финансылык инструменттер: маалымат берүү»* ФОЭС (IAS) 32де аныкталган маанидеги өздүк капиталга ээ болушпаган ишканаларга (мисалы, кээ бир өз ара фонддорго) жана үлүштүк салымдары өздүк капитал болуп саналбаган ишканаларга (мисалы, кээ бир кооперативдик ишканаларга), балким, катышуучулардын же пайщиктердин финансылык отчеттуулукка үлүштөрүн берүүнүн тартибин оңдоо талап кылынат.

## Аныктамалар

**7 Ушул стандартта төмөнкү терминдер көрсөтүлгөн маанилеринде пайдаланылат:**

***Жалпы багыттагы финансылык отчеттуулук* («финансылык отчеттуулук» деп аталуучу) – ишканадан өздөрүнүн атайын маалымат муктаждыктарына жооп берген**

© ФОЭС Фонду

**отчетторду талап кылууга мүмкүнчүлүгү жок пайдалануучулардын жалпы финансылык маалымат муктаждыктарына багытталган финансылык отчеттуулук.**

***Практикада колдонуу мүмкүн эмес*** **– эгерде ишкана талапты колдонуу боюнча бардык мүмкүн болгон аракеттерин жумшагандан кийин аны колдоно албаса, анда аны практикада колдонуу мүмкүн эмес.**

***Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары (ФОЭС)*** **– Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары боюнча кеңеш (ФОЭС боюнча кеңеш) тарабынан чыгарылган стандарттар жана түшүндүрмөлөр. Алар төмөнкүлөрдөн турат:**

**(a) Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынан (IFRS);**

**(b) Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынан (IAS);**

**(c) ЭФОТК (IFRIC) түшүндүрмөлөрүнөн; жана**

**(d) ТТК (SIC) түшүндүрмөлөрүнөн.** [1]

***Маанилүү:***

**Эгерде маалыматтын камтылбай калышы, бурмалоосу же чүмбөттөлүшү жалпы багыттагы финансылык отчеттуулуктун негизги пайдалануучуларынын, конкреттүү отчет берүүчү ишкана тууралуу финансылык маалымат ушул финансылык отчеттуулуктун негизинде кабыл алынуучу чечимдерине таасирин тийгизерин негиздүү күтүүгө болсо, маалымат маанилүү болуп саналат.**

Маанилүүлүк маалыматтын мүнөзүнө же сандык маанилүүлүгүнө, же болбосо экөөнөн тең көз каранды болот. Ишкана жалпысынан каралып жаткан финансылык отчеттуулуктун контекстинде маалыматтын (өзүнчө алынган же болбосо башка маалымат менен бирге алынган) маанилүү болуп саналар-саналбасын баалайт.

Эгерде маалымат, анын натыйжасы финансылык отчеттуулуктун негизги пайдалануучулары үчүн камтылбай калууга же бурмалоого окшош түрдө берилсе, ал чүмбөттөлгөн маалымат болуп саналат. Төмөндө маанилүү маалыматтын чүмбөттөлүүсүнө алып келүүсү мүмкүн болгон бир катар кырдаалдардын мисалдары берилет:

(a) маанилүү берене, операция же башка окуя жөнүндө маалымат финансылык отчеттуулукта ачып көрсөтүлөт, бирок ошол эле убакта пайдаланылган туюндурмалар чаржайыт же бир түрдүү эмес;

(b) маанилүү берене, операция же башка окуя жөнүндө маалымат бүтүндөй финансылык отчеттуулук боюнча жайылтылып берилген;

(c) өз ара окшош эмес беренелер, операциялар же башка окуялар талаптагыдай эмес агрегацияланган;

(d) өз ара окшош беренелер, операциялар же башка окуялар талаптагыдай эмес дезагрегацияланган; жана

[1] ФОЭС аныктамасы 2010-жылы кайра каралган ФОЭС Фондунун Уставы менен өзгөртүү киргизилгенден кийин өзгөртүлгөн.

(e) негизги пайдалануучу кайсы маалымат маанилүү болуп саналарын аныктай албагыдай түрдө маанилүү маалымат маанилүү эмес маалыматтан улам көрүнбөй калышынын натыйжасында финансылык отчеттуулуктун түшүнүктүүлүгү азаят.

Конкреттүү ишкана тарабынан берилген, жалпы багыттагы финансылык отчеттуулуктун негизги пайдалануучуларынын чечимдерине таасирин тийгизерин негиздүү күтүүгө болгон маалыматтарды баалоо ишканадан мындай пайдалануучулардын мүнөздөмөлөрүн, ошондой эле ошол ишкананын өздүк жагдайларын кароону талап кылат.

Көптөгөн иштеп жаткан жана потенциалдык инвесторлор, зайым берүүчүлөр жана башка кредиторлор отчет берип жатышкан ишканалардан маалыматтарды аларга түздөн-түз берүүлөрүн талап кыла алышпайт жана алар өздөрү үчүн зарыл болгон финансылык маалыматтардын басымдуу бөлүгүн алууда жалпы багыттагы финансылык отчеттуулукка гана үмүттөнүүлөрү керек. Демек, алар жалпы багыттагы финансылык отчеттуулук багытталган негизги пайдалануучулар болуп саналышат. Финансылык отчеттуулук бизнес жана экономикалык ишмердүүлүк жаатында жетиштүү илим-билимге ээ болгон пайдалануучулар үчүн түзүлөт, алар маалыматтарды талаптагыдай далалаттануу менен окуп-үйрөнүшөт жана талдоого алышат. Кээде ал турмак, жакшы кабардар жана кунт койгон пайдалануучуларга маалыматтардагы татаал экономикалык кубулуштарды жетик түшүнүү үчүн консультанттын жардамы талап кылынат.

***Эскертүүлөр*** **финансылык абал жөнүндө отчетто, пайдалар же зыяндар жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчетто (отчеттордо), өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчетто жана акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчетто берилген маалыматтарды толуктоочу маалыматты камтыйт. Эскертүүлөрдө көрсөтүлгөн отчеттордо берилген беренелердин баяны жана чечмелениши, ошондой эле көрсөтүлгөн отчеттордо таануу критерийлерине канаатандырылбаган беренелер жөнүндө маалыматтар ачып көрсөтүлөт.**

***Башка жыйынды киреше*** **өзүнө пайданын же зыяндын курамында таанылбай турган кирешелердин жана чыгашалардын беренелерин (анын ичинде кайра классификациялоодогу оңдоп-түзөөлөрдү) камтыйт, анткени бул башка ФОЭСтер тарабынан талап кылынат же жол берилет.**

Башка жыйынды кирешелердин компоненттерине төмөнкүлөр кирет:

(a) кайталап баалоодон нарктын өсүшүн чагылдыруучу сумманын өзгөрүүлөрү («*Негизги каражаттар»* ФОЭС (IAS) 16ны жана «*Материалдык эмес активдер*» ФОЭС (IAS) 38ди караңыз);

(b) белгиленген төлөмдөрү менен программаларды кайра баалоо суммалары («*Кызматкерлердин сыйакылары*» ФОЭС (IAS) 19ду караңыз);

(c) чет өлкөлүк бөлүмдүн финансылык отчеттуулугун башка валютага кайра эсептегенде келип чыккан пайда менен зыян («*Валюталык курстардын өзгөрүүлөрүнүн таасири*» ФОЭС (IAS) 21ди караңыз);

(d) «*Финансылык инструменттер*» ФОЭС (IFRS) 9дун 5.7.5-пунктуна ылайык башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча баалануучу катары классификацияланган үлүштүк инструменттерге инвестициялардан келип чыккан пайда жана зыян;

(da) ФОЭС (IFRS) 9дун 4.1.2A-пунктуна ылайык башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланууучу финансылык активдерден алынган пайда жана зыян;

(e) акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөдө хеджирлөө инструменттери боюнча пайда менен зыяндардын натыйжалуу бөлүгү, ошондой эле ФОЭС (IFRS) 9дун 5.7.5-пунктуна (ФОЭС (IFRS) 9дун 6-главасын караңыз) ылайык башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланууучу, анын жардамы менен инвестициялар үлүштүк инструменттерге хеджирленүүчү, хеджирлөө инструменттери боюнча келип чыккан пайда жана зыян;

(f) пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары классификацияланган белгилүү милдеттенмелер үчүн тийиштүү милдеттенменин кредиттик тобокелдигинин өзгөрүүлөрү менен шартталган адилет нарктын өзгөртүлгөн көлөмү (ФОЭС (IFRS) 9дун 5.7.7- пунктун караңыз);

(g) ишкана опцион келишиминин наркын анын ички наркына жана убакыт ичиндеги наркына ажырымдап бөлгөндөгү жана хеджирлөө инструменти катары ички нарктын өзгөрүүлөрүн гана ички наркты өзү каалагандай аныктагандагы опциондордун убакыт ичиндеги наркынын көлөмүнүн өзгөрүүлөрү (ФОЭС (IFRS) 9дун 6-главасын караңыз); жана

(h) ишкана форварддык келишимдин наркын форварддык элементке жана форварддык келишимдин спот-элементине ажырымдап бөлгөндөгү жана хеджирлөө инструменти катары спот элементтин өзгөрүүлөрүн гана аныктагандагы форварддык келишимдердин форварддык элементтеринин наркынын өзгөрүүлөрү, ошондой эле ишкана мындай финансылык инструментти аныктоодо хеджирлөө инструменти катары өз каалоосу боюнча аны эсепке албагандагы финансылык инструменттин валюталык базистик спрединин наркынын өзгөрүүлөрү (ФОЭС (IFRS) 9дун 6-главасын караңыз).

***Менчик ээлери* – өздүк капитал катары классификацияланган инструменттердин кармоочулары.**

***Пайда же зыян* – башка жыйынды кирешенин компоненттерин кошпогондо, чыгашаларды алып салгандан кийинки кирешелердин жалпы суммасы.**

***Кайра классификациялоодогу оңдоп-түзөөлөр* – учурдагы же өткөн мезгилдердеги башка жыйынды кирешенин курамында таанылган, учурдагы мезгилде пайданын же зыяндын курамына кайра классификацияланган суммалар.**

***Жалпы жыйынды киреше* – операциялардын жана башка окуялардын натыйжасында келип чыккан мезгил ичиндеги өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр, ага ээлери катары катышкан ишкана ээлери менен жүргүзүлгөн операциялардын натыйжасында келип чыккан өзгөрүүлөр кирбейт.**

Жалпы жыйынды киреше өз ичине «пайданын же зыяндын» жана «башка жыйынды кирешенин» бардык компоненттерин камтыйт.

8 Ушул стандартта «башка жыйынды киреше», «пайда же зыян» жана «жалпы жыйынды киреше» терминдери пайдаланылганына карабастан, эгерде алардын маанилери көз көрүнө болсо, жыйынтыктоочу көрсөткүчтөрдү сыпаттоо үчүн ишкана башка терминдерди

пайдалана алат. Мисалы, ишкана пайданын же зыяндын көрсөткүчтөрүн сыпаттоо үчүн «таза киреше» терминин пайдалана алат.

8A Төмөнкү терминдер *«Финансылык инструменттер: маалымат берүү»* ФОЭС (IAS) 32де сыпатталып жазылган жана ушул стандарттарда ФОЭС (IAS) 32де көрсөтүлгөн маанилеринде пайдаланылат:

(a) үлүштүк инструмент катары классификацияланган, кайра артка сатуу укугу менен финансылык инструмент (сыпаттамасы ФОЭС (IAS) 32нин 16A жана 16B пункттарында келтирилген)

(b) ишканага жоюлган учурда жана үлүштүк инструмент катары классификацияланганда гана башка тарапка өзүнүн таза активдеринин пропорционалдык үлүшүн көрсөтүү милдетин жүктөгөн инструмент (сыпаттамасы ФОЭС (IAS) 32нин 16C жана 16D-пункттарында келтирилген).

## Финансылык отчеттуулук

### Финансылык отчеттуулуктун максаты

9 Финансылык отчеттуулук ишкананын ишмердүүлүгүнүн финансылык абалынын жана финансылык натыйжалуулугунун түзүмдөштүрүлгөн чагылдырылышы болуп саналат. Финансылык отчеттуулуктун максаты ишкананын финансылык абалы, финансылык натыйжалуулугу жана акча каражаттарынын агымдары жөнүндө маалыматтарды берүү болуп саналат, пайдалануучулардын экономикалык чечимдерди кабыл алуусунда алардын кеңири чөйрөсүнө пайдалуу болот. Финансылык отчеттуулук ошондой эле анын менчик ээлери ишкананын жетекчилигине ишенимдүү башкарууга берген ресурстарды башкаруунун натыйжаларын көрсөтөт. Көрсөтүлгөн максаттарга жетишүү үчүн ишкананын финансылык отчеттуулугу төмөнкү маалыматтарды камтыйт:

(a) анын активдери жөнүндө;

(b) анын милдеттенмелери жөнүндө;

(c) анын өздүк капиталы жөнүндө;

(d) пайдаларды жана зыяндарды кошуп алганда, анын кирешелери жана чыгашалары жөнүндө;

(e) ушул абалда аракеттенүүчү менчик ээлеринен алынган салымдар жөнүндө, жана ушул абалда аракеттенүүчү менчик ээлерине бөлүштүрүлгөн суммалар жөнүндө; жана

(f) анын акча каражаттарынын агымдары жөнүндө.

Бул маалыматтар эскертүүлөрдөгү кошумча маалыматтар менен бирге финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына ишкананын келечектеги акча каражаттарынын агымдарын, алып айтканда, алардын пайда болуу мөөнөттөрүн жана аныктыгын божомолдоого жардам берет.

### Финансылык отчеттуулуктун толук топтому

**10 Финансылык отчеттуулуктун толук топтому өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:**

© ФОЭС Фонду

**(a) мезгилдин аяктаган күнүнө абал боюнча финансылык абал жөнүндө отчетту;**

**(b) мезгил ичиндеги пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчетту;**

**(c) мезгил ичиндеги өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчетту;**

**(d) мезгил ичиндеги акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчетту;**

**(e) эсеп саясатынын орчундуу жоболорунан жана башка чечмелөөчү маалыматтардан турган эскертүүлөрдү;**

**(ea) 38 жана 38A-пункттарында көрсөтүлгөндөй мурдагы мезгил ичиндеги салыштырмалуу маалыматтарды; жана**

**(f) эгерде ишкана эсеп саясатынын кандайдыр бир жоболорун ретроспективдүү колдонгон же өзүнүн финансылык отчеттуулугунда беренелерди ретроспективдүү кайра эсептөөнү жүзөгө ашырган, же эгерде ал 40A – 40D-пункттарына ылайык өзүнүн финансылык отчеттуулугунда беренелерди кайра классификациялаган учурда, мурдагы мезгилдин башталышына карата финансылык абал жөнүндө отчетту.**

**Ишкана бул отчеттор үчүн ушул стандартта кабыл алынган аталыштардан айырмалуу аталыштарды пайдалана алышат. Мисалы, ишкана «Пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчет» деген аталыштын ордуна «Жыйынды киреше жөнүндө отчет» деген аталышты пайдалана алат.**

**10A Ишкана пайда же зыян жана башка жыйынды киреше эки бөлүмдө көрсөтүлүүчү пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө бирдиктүү отчетту бериши мүмкүн. Бул бөлүмдөр чогуу берилиши керек, мында биринчи пайда же зыян жөнүндө бөлүмү, андан кийин дароо башка жыйынды кирешелер жөнүндө бөлүмү берилет. Ишкана пайда же зыян жөнүндө бөлүмдү өзүнчө пайда же зыян жөнүндө отчет формасында бере алат. Мындай учурда пайда же зыян жөнүндө өзүнчө отчет түздөн-түз жыйынды киреше жөнүндө отчеттун алдында берилиши керек, ал пайда же зыян көрсөткүчтөрү менен башталышы керек.**

**11 Ишкананын финансылык отчеттуулугу толук комплектисинде маанилүүлүк даражасы боюнча тең катары бардык финансылык отчеттор берилиши керек.**

12 [Алып салынган]

13 Көптөгөн ишканалар финансылык отчеттуулуктан тышкары жетекчилик тарабынан даярдалган финансылык баянды беришет, анда ишкананын финансылык натыйжалуулугун жана финансылык абалынын башкы өзгөчөлүктөрү, ошондой эле ал кириптер болгон айкын эместиктин негизги факторлору сыпаттамаланат жана чечмеленет. Мындай отчет төмөнкү баяндарды камтышы мүмкүн:

(a) ал иштеп жаткан тышкы шарттардын өзгөрүүлөрүн кошуп алганда, ишкананын финансылык натыйжалуулугун аныктоочу негизги факторлорду жана таасир этүүлөрдү, ишкананын бул өзгөрүүлөргө жооп иретиндеги иш-аракеттерин жана алардын натыйжаларын, ошондой эле финансылык натыйжалуулукту колдоо жана жакшыртуу максатында ишкананын жүргүзүп жаткан инвестициялоо саясатын, анын ичинде дивиденддерге карата саясатын;

(b) ишкананын каржылоо булактарын жана өздүк капиталына карата милдеттенмелеринин катышынын максатуу маанилерин; жана

(c) ишкананын ФОЭСке ылайык финансылык абалы жөнүндө отчетунда таанылбаган ресурстарын.

14 Көптөгөн ишканалар финансылык отчеттуулуктан тышкары, ошондой эле отчетторду жана расмий бюллетендерди, ошондой эле өзгөчө курчап турган чөйрөнү коргоо факторлору чоң мааниге ээ болгон, дагы ошондой эле жумушчулар отчеттуулуктун пайдалануучуларынын маанилүү тобу катары каралган тармактарда, курчап турган чөйрөнү коргоо маселелери боюнча отчетторду жана кошумча нарк жөнүндө отчетторду беришет. Финансылык отчеттуулуктун алкагынан тышкары берилүүчү отчеттор жана расмий бюллетендер ФОЭСтин колдонуу чөйрөсүнө кирбейт.

## Жалпы аспекттер

## Маалыматты ишенимдүү берүү жана ФОЭСке ылайык келүү

**15 Финансылык отчеттуулук ишкананын финансылык абалын, финансылык натыйжалуулугун жана акча каражаттарынын агымдарын туура көрсөтүүгө тийиш. Ишенимдүү берүү *«Финансылык отчетторду берүүнүн концептуалдык негиздеринде» (Концептуалдык негиздер*) белгиленген активдерди, милдеттенмелерди, кирешелерди жана чыгашаларды аныктамаларына жана таануунун критерийлерине ылайык жасалган операциялардын, башка окуялардын жана шарттардын кесепеттерин туура көрсөтүүнү талап кылат. Зарыл болгондо кошумча маалыматтарды ачып көрсөтүү менен кошо ФОЭСти колдонуу ишенимдүү берилишин камсыз кылуучу финансылык отчеттуулукту калыптандырууга мүмкүнчүлүк түзөөрү болжолдонот.**

**16 ФОЭСке ылайык келген ишкана, финансылык отчеттуулук ушундай ылайыктуулук жөнүндө финансылык отчеттуулукка эскертүүгө өзүнүн так жана шартсыз билдирүүсүн киргизүү менен муну ырастоого тийиш. Ал ФОЭСтин бардык талаптарына ылайык келген учурлардан тышкары, финансылык отчеттуулукту ФОЭСке ылайык келген катары сыпаттоого жол берилбейт.**

17 Эгерде ФОЭС колдонулуучу бардык талаптарды аткарса, иш жүзүндө бардык учурларда ишкана маалыматты ишенимдүү берүүгө жетишет. Маалыматты ишенимдүү берүүнү камсыз кылуу үчүн ишкана ошондой эле төмөнкүлөргө милдеттүү:

(a) *«Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар»* ФОЭС (IAS) 8ге ылайык эсеп саясатынын жобосун тандоого жана колдонууга. ФОЭС (IAS) 8 финансылык отчеттуулук маселелери боюнча расмий көрсөтмөлөрдүн булактарынын белгилүү бир иерархиясын белгилейт, алар кайсы бир беренеге карата тикелей колдонулуучу ФОЭС болбогондо жетекчиликтин көңүлүнө алынат.

(b) маалыматты берүүгө, эсеп саясатынын жобосун кошуп алганда, жөндүү, ишенимдүү, салыштырылуучу жана түшүнүктүү болгудай маалыматты камсыз кылууга.

(c) ФОЭСтин конкреттүү талаптарын сактоо белгилүү бир операциялардын, башка окуялардын жана шарттардын ишкананын финансылык абалына жана финансылык натыйжалуулугуна таасирин пайдалануучулар түшүнүүсү үчүн жетишсиз болуп саналган учурларда кошумча маалыматты ачып көрсөтүүгө.

**18 Ишкананын талаптагыдай эмес эсеп саясатынын кесепеттерин колдонулуучу эсеп саясатынын жоболорун ачып көрсөтүү менен да, эскертүүлөрдү же башка түшүндүрмө материалдарды кошуу менен да оңдоого болбойт.**

**19 Өзгөчө сейрек учурларда, жетекчилик ФОЭСтин кандайдыр-бир талаптарын сактоо ушундай даражада чаташууга алып келиши мүмкүн, бул *«Концептуалдык негиздерде»* белгиленген финансылык отчеттуулукту даярдоонун өз максатына карама-каршы келет деген тыянакка келсе, мындай чегинүү талап кылынган же тиешелүү укуктук жөнгө салуунун ченемдери менен тыюу салынбаган шартта, ишканалар 20-пунктта каралган тартипте мындай талаптан чегинүүгө тийиш.**

**20 Ишкана кайсы бир ФОЭС мындай же башка талабынан чегингенде 19-пунктка ылайык ал төмөнкү маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш:**

**(a) анын жетекчилиги финансылык отчеттуулук ишкананын финансылык абалын, финансылык натыйжалуулугун жана акча каражаттарынын агымдарын туура көрсөтөт деген тыянакка келгенин;**

**(b) маалыматты ишенимдүү берүүнү камсыз кылуу максатында ал көрсөтүлгөн белгилүү бир талаптардан чегингендигин кошпогондо, ал ФОЭСте колдонулуучу талаптарды аткарганын;**

**(c) анын талаптарынан ишкана чегинген ФОЭСтин аталышын, бул ФОЭСти колдонууда талап кылынган эсепке алуу тартибин кошуп алганда, чегинүүнүн мүнөзүн, ал боюнча ушул жагдайларда ушул тартип ушунчалык даражага чейин чаташууга алып келиши мүмкүн болгон себепти, бул *«Концептуалдык негиздерде»* белгиленген финансылык отчеттуулукту даярдоонун өз максатына карама-каршы келээрин, ошондой эле эсепке алуунун кабыл алынган тартибин ачып көрсөтүүгө; жана**

**(d) ар бир көрсөтүлгөн мезгилге карата ылайыктуу – тиешелүү талапты аткарган учурда, финансылык отчеттуулукта чагылдырылышы мүмкүн болгон, мындай чегинүү менен ар бир беренеге көрсөтүлгөн финансылык натыйжа.**

**21 Ишкана мурдагы мезгилдердин биринде кайсы бир ФОЭС тиги же башка талабынан чегинген жана бул чегинүү учурдагы мезгил ичиндеги финансылык отчеттуулукта таанылган суммага таасир көрсөткөн учурда, ишкана 20-пункттун (c) жана (d) пунктчаларында каралган маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш.**

22 21-пункт, мисалы, ишкана мурдагы мезгилдердин биринде активдерди же милдеттенмелерди баалоо бөлүгүндө кайсы бир ФОЭС талаптарынан чегинген жана ушул чегинүү учурдагы мезгилдин финансылык отчеттуулугунда таанылган активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүүлөрүн баалоого таасир эткенде колдонулат.

**23 Өзгөчө сейрек учурларда, жетекчилик ФОЭСтин кандайдыр-бир талаптарын сактоо ушунчалык даражада чаташууга алып келиши мүмкүн, бул *«Концептуалдык негиздерде»* белгиленген финансылык отчеттуулукту даярдоонун өз максатына карама-каршы келет деген тыянакка келсе, бирок мында тиешелүү укуктук жөнгө салуучу ченемдер менен көрсөтүлгөн талаптан чегинүүгө тыюу салынат, ишкана төмөнкү маалыматтарды ачып көрсөтүү менен, чаташууга алып келүүчү катары кабыл алынган бул талапты сактоонун ошол аспекттеринин кесепеттерин максималдуу мүмкүн болгон даражада төмөндөтүүгө тийиш:**

© ФОЭС Фонду

**(a) кеп кылып жаткан ФОЭСтин аталышын, тиешелүү талаптын мүнөзүн жана ушундай жагдайларда бул талапты сактоо финансылык отчеттуулукту пайдалануучуну ушунчалык даражага чейин чаташууга алып келээрин, бул *«Концептуалдык негиздерде»* каралган финансылык отчеттуулукту даярдоонун өз максатына карама-каршы келээри жөнүндө жетекчилик тарабынан жасалган тыянактын негиздерин, жана**

**(b) ар бир көрсөтүлгөн мезгилге карата ылайыктуу – жетекчиликтин пикири боюнча алар маалыматты ишенимдүү берүүнү камсыз кылуу үчүн зарыл болгон финансылык отчеттуулуктун ар бир беренеси боюнча түзөтүүнү.**

24 19 – 23-пункттардын контекстинде кандайдыр бир маалымат, ал берүүгө тийиш болгон же негизделген күтүүлөр боюнча берүүгө тийиш болгон жана ал ушундан улам финансылык отчеттуулукту пайдалануучулар тарабынан кабыл алынуучу экономикалык чечимдерге таасир көрсөтүүсүнүн ыктымалдыгы жогору болгон операцияларды, башка окуяларды жана шарттарды туура көрсөтпөгөн мындай маалыматтар финансылык отчеттуулуктун максатына карама-каршы келген болуп эсептелет. Кайсы бир ФОЭСтин белгилүү бир талаптарын сактоо ушунчалык даражага чаташууга алып келбей тургандыгын, натыйжа *«Концептуалдык негиздерде»* белгиленген финансылык отчеттуулукту даярдоонун өз максатына карама-каршы келээрин баалоо менен, жетекчилик төмөнкү маселелерди талдайт:

(a) эмне үчүн ушундай жагдайларда финансылык отчеттуулукту берүүнүн максаттарына жетүүгө болбойт; жана

(b) ишкананын жагдайлары бул талапты сактаган башка ишканалардын жагдайларынан кандайча айырмаланат. Эгерде окшош жагдайларда башка ишканалар ушул талапты сакташса, анда ишкана тарабынан көрсөтүлгөн талапты сактоо бул «*Концептуалдык негиздерде*» белгиленген финансылык отчеттуулукту даярдоонун өз максатына карама-каршы келет деп эсептөөгө ушунчалык даражада чаташууга алып келбей тургандыгы жөнүндө төгүнгө чыгаруучу божомол колдонулат.

## Ишмердүүлүктүн үзгүлтүксүздүгү

**25 Финансылык отчеттуулукту даярдоодо жетекчилик ишкананын ишмердүүлүктү үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүн баалоого тийиш. Жетекчилик бул ишкананы жоюуга же анын коммерциялык ишмердүүлүгүн токтотууга ниеттенген, же болбосо ушундай кылуудан тышкары эч кандай реалдуу альтернатива болбогон учурлардан тышкары, ишкана ишмердүүлүктүн үзгүлтүксүздүгүнө жол берүүнүн негизинде финансылык отчеттуулукту түзүүгө тийиш. Жетекчилик өз баалоосун жүргүзүү менен, ишкананын өз ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүнө олуттуу шектенүүнү пайда кылышы мүмкүн болгон окуяларга же шарттарга карата манилүү айкын эместик жөнүндө маалыматка ээ болгондо, ишкана бул айкын эместик тууралуу ачып көрсөтүүгө тийиш. Ишкана өз ишмердүүлүгүнүн үзгүлтүксүздүгү жөнүндө божомолдордун негизинде эмес финансылык отчеттуулукту түзсө, ал мында ушул финансылык отчеттуулук кайсы негизде даярдалганын жана ишкана үзгүлтүксүз иштеп жатат деп эсептелбеген себепти көрсөтүү менен, ушул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.**

© ФОЭС Фонду

26 Ишмердүүлүктүн үзгүлтүксүздүгү жөнүндө божомолду пайдалануунун негиздүүлүгүн баалоодо жетекчилик отчеттук мезгил бүткөндөн кийин минимум он эки айлык мөөнөттө кароо менен, бирок аны менен гана чектелбестен, келечек жөнүндө бардык болгон маалыматты эске алат. Талдоонун тереңдиги ар бир өзүнчө учурда конкреттүү фактыларга жараша болот. Эгерде ишкана көптөгөн жылдардын ичинде кирешелүү ишмердүүлүктү жүзөгө ашырса жана финансылык ресурстарга эркин жеткиликтүүлүккө ээ болсо, финансылык отчеттуулукту түзүүнүн максаттары үчүн ишмердүүлүктүн үзгүлтүксүздүгү жөнүндө божомолду пайдалануунун орундуулугу тууралуу тыянакты кең-кесири талдоо жүргүзбөстөн жасай алат. Башка жагдайларда жетекчиликке учурдагы жана келечектеги пайдалуулукка, карыздарды жоюу графиктерине жана кайра каржылоонун потенциалдуу булактарына таандык факторлордун кеңири спектрин талдоо талап кылынышы мүмкүн, баарыдан мурда ал ишмердүүлүктүн үзгүлтүксүздүгү жөнүндө божомолду пайдалануунун жөндүүлүгүнө ынана алат.

### Чегерүү методу боюнча эсепке алуу

**27 Ишкана акча каражаттарынын агымдары жөнүндө маалыматтарды кошпогондо, чегерүү методу боюнча эсепке алуунун негизинде өзүнүн финансылык отчеттуулугун түзүүгө тийиш.**

28 Эсепке алуу чегерүү методу боюнча жүргүзүлгөндө, ишкана беренелерди активдер, милдеттенмелер, өздүк капитал, кирешелер жана чыгашалар (финансылык отчеттуулуктун элементтери) катары тааныйт, эгерде алар *«Концептуалдык негиздерде»* каралган аныктамаларга жана бул элементтерди таануунун критерийлерине ылайык келсе.

### Маанилүүлүк жана агрегациялоо

**29 Ишкана окшош беренелердин ар бир маанилүү классын өзүнчө берүүгө тийиш. Ишкана алар маанилүү эмес болуп саналган учурлардан тышкары, мүнөзү же арналышы боюнча айырмаланган беренелерди өзүнчө берүүгө тийиш.**

30 Финансылык отчеттуулук көптөгөн сандагы операцияларды же башка окуяларды иштеп чыгуунун натыйжасы болуп саналат, алар алардын мүнөзүн же арналышын эске алуу менен класстарга бириктирилет. Агрегациялоо жана классификациялоо процессинин аяктоочу этабы кыска жана классификацияланган маалыматтарды берүүдө турат, алар финансылык отчеттуулуктун беренелерин түзөт. Эгерде отчеттуулуктун кайсы-бир беренеси өз алдынча маанилүү болуп саналбаса, ал түздүн-түз финансылык отчеттордо, же болбосо эскертүүлөрдө башка беренелер менен бириктирилет. Түздөн-түз көрсөтүлгөн отчеттордо өзүнчө берүү үчүн жетиштүү маанилүү болуп саналбаган беренеге карата колдонуучулук, ага эскертүүлөрдө аны өзүнчө берүү акталган боло алат.

30A Ушул жана башка ФОЭСтерди колдонууда ишкана эскертүүнү кошуп алганда, бардык жөндүү фактыларды жана жагдайларды көңүлгө алуу менен, ал финансылык отчеттуулукта маалыматты агрегациялоону кандайча жүзөгө ашырып жаткандыгын чечүүгө тийиш. Ишкана маанилүү эмес маалыматтардын ортосунда маанилүү маалыматты жашыруу же мүнөзү же функциялары боюнча айырмаланган маанилүү беренелерди агрегациялоо менен, анын финансылык отчеттуулугунун түшүнүктүүлүгүн төмөндөтүүгө тийиш эмес.

31 Айрым ФОЭСтер финансылык отчеттуулукка, анын ичинде эскертүүгө киргизүүгө тийиш болгон конкреттүү маалыматтарды аныктайт. Эгерде бул маалыматтын натыйжасында

ачып көрсөтүү маанилүү болуп саналбаса, кайсы бир ФОЭС тарабынан талап кылынган белгилүү бир маалыматты ишкана тарабынан ачып көрсөтүүнүн зарылдыгы жок. Эгерде ФОЭС конкреттүү талаптардын тизмесин камтыган же аларды минималдуу талаптар катары сыпаттаган учурда да бул акыйкаттуу. Эгерде ФОЭСтин бардык талаптарын аткаруу финансылык отчеттуулукту пайдалануучуларга белгилүү бир операциялар, башка окуялар жана шарттар ишкананын ишмердүүлүгүнүн финансылык абалына жана финансылык натыйжалуулугуна таасирин түшүнүү мүмкүнчүлүгүн бербесе, ишкана ошондой эле кошумча маалыматты ачып көрсөтүү зарылдыгын кароого тийиш.

## Өз ара чегерүү

32 **Бул кайсы бир ФОЭС тарабынан талап кылынган же уруксат берилген учурлардан тышкары, ишкана активдерди жана милдеттенмелерди же кирешелерди жана чыгашаларды чегерүүгө тийиш эмес.**

33 Ишкана активдерди жана милдеттемелерди, ошондой эле кирешелерди жана чыгашаларды өзүнчө көрсөтөт. Өз ара чегерүү операциялардын же башка окуялардын маңызын чагылдырган учурлардан тышкары, пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө же финансылык абал жөнүндө отчетто (отчеттордо) өз ара чегерүүнү жүргүзүү пайдалануучуларга жасалган операцияларды, башка келип чыккан окуяларды жана шарттарды да жана ишкананын келечектеги акча каражаттарынын агымдарын болжолдоону да түшүнүүнү кыйындатат. Баалоо резервдерин алып салуу менен нетто-көлөмдө активдерди баалоо – мисалы, алардын эскириши боюнча баалоо резервин алып салуу менен запастарды баалоо же күмөндүү карыздар боюнча баалоо резервин алып салуу менен дебитордук карызды баалоо – өз ара чегерүү болуп саналбайт.

34 *«Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн киреше»* ФОЭС (IFRS) 15 ишкананын сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн кирешенин ордун толтуруу суммасы боюнча баалашын талап кылат, ага болгон укукту ишкана убадаланган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү өткөрүп берүүгө алмаштыруу менен алууну күтөт. Мисалы, таанылган түшкөн кирешенин суммасы ишкана тарабынан берилген кандай гана болбосун соода жеңилдиктерин жана сатып алынган көлөм үчүн төмөндөтүүлөрдү эске алуу менен чагылдырылат. Өзүнүн демейки ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө ишкана башка операцияларды да жасайт, алар кирешенин түшүүсүнүн келип чыгышына алып келбейт, бирок ишкананын түшкөн кирешени жаратуучу негизги ишмердүүлүгүнө карата кошо жүрүүчү болуп саналат. Ишкана ушундай операциялардын натыйжаларын кирешелердин жана мындай берүү тиешелүү операциянын же башка окуянын маңызын чагылдырганда, ошол эле операция боюнча келип чыккан, алар менен байланышкан чыгашалардын нетто-көлөмүндө көрсөтөт. Мисалы:

(a) ишкана чыгып калууда ордун толтуруу суммасынан чыгып калган активдин баланстык наркын жана аны сатуу менен байланышкан чыгашаларды алып салуу аркылуу жүгүртүүдөн тышкаркы активдердин чыгып калышынан пайданы жана зыянды, анын ичинде инвестицияларды жана операциялык активдерди көрсөтөт; жана

(b) ишкана нетто-негизде *«Баалануучу милдеттенмелер, шарттуу милдеттенмелер жана шарттуу активдер»* ФОЭС (IAS) 37ге ылайык таанылган баалануучу милдеттенмесине таандык чыгымдарды жана үчүнчү тарап менен тиешелүү макулдашуунун (мисалы, берүүчүнүн кепилдик милдеттенмелери жөнүндө

макулдашуу) алкагында бул бааланууччу милдеттенмелерге карата алынган компенсациянын суммасын бере алат.

35 Андан тышкары ишкана нетто-негизде окшош операциялар тобу боюнча келип чыккан пайданы жана зыянды көрсөтөт, мисалы, соодага арналган финансылык инструменттер боюнча келип чыккан оң жана терс курстук айырмалар же пайдалар жана зыяндар. Бирок, эгерде алар маанилүү болуп саналса, ишкана мындай пайдаларды жана зыяндарды өзүнчө көрсөтөт.

## Отчеттуулукту берүүнүн мезгилдүүлүгү

**36 Ишкана финансылык отчеттуулуктун толук комплектин (салыштырмалуу маалыматты кошо алганда) минимум ар жылы берүүгө тийиш. Ишкана өзүнүн отчеттук мезгилинин аяктаган күнүн өзгөрткөн жана узактыгы бир жылдан көп же аз мезгил ичиндеги финансылык отчеттуулукту берген учурда, ишкана финансылык отчеттуулук түзүлгөн мезгилге карата толуктоону ачып көрсөтүүгө тийиш:**

**(a) узактыгы көп же аз мезгилди пайдалануу үчүн негиз, жана**

**(b) финансылык отчеттуулукта көрсөтүлгөн суммалар толук көлөмдө салыштырылууччу болуп саналбаган факт.**

37 Демейде ишкана жылдык мезгил үчүн финансылык отчеттуулукту ырааттуу түзөт. Бирок, практикалык ой жүгүртүүлөрдөн улам айрым ишканалар, мисалы, 52 жуманы түзгөн мезгил үчүн отчет берүүнү ылайык көрөт. Ушул стандарт бул практикага тоскоол болбойт.

## Салыштырмалуу маалымат

*Минималдуу зарыл салыштырмалуу маалымат*

**38 Башка ФОЭС жол берген же башканы талап кылган учурларды кошпогондо, ишкана учурдагы мезгил үчүн финансылык отчеттуулукта чагылдырылган бардык суммалар боюнча мурдагы мезгил үчүн салыштырмалуу маалыматтарды көрсөтүшү керек. Ишкана эгерде ал учурдагы мезгил үчүн финансылык отчеттуулукту түшүнүү үчүн жөндүү болсо, баяндоочу жана түшүндүрүүчү мүнөздөгү маалыматтарга карата салыштырмалуу маалыматты кошуусу керек.**

**38А Ишкана эң аз болгондо финансылык абал жөнүндө эки отчетту, пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө эки отчетту, пайда же зыян жөнүндө эки өзүнчө отчетту (эгерде ушундайлар берилсе), акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө эки отчетту жана өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө эки отчетту, ошондой эле аларга тиешелүү эскертүүлөрдү көрсөтүшү керек.**

38В Кээ бир учурларда мурдагы мезгил (мезгилдер) үчүн берилген финансылык отчеттуулуктагы сапаттык мүнөздөгү маалыматтар учурдагы мезгил үчүн дагы жөндүү бойдон кала берет. Мисалы, учурдагы мезгилде жөнгө салына элек соттук териштирүүнүн жагдайларын кеңири ачып көрсөтөт, андан улам мурдагы мезгилдин аягына ал айкын эмес болгон. Пайдалануучулар үчүн мурдагы мезгилдин аягына кандайдыр бир айкын эместик болгону жөнүндө маалымат, ошондой эле бул айкын эместикти чечүү үчүн ишкана тарабынан кандай чаралар көрүлгөнү жөнүндө маалымат дагы мааниге ээ болушу ыктымал.

*Кошумча салыштырылуучу маалымат*

38C Эгерде ушул маалымат ФОЭСке ылайык түзүлгөн болсо, ишкана ФОЭСте талап кылынуучу минималдык салыштырмалуу финансылык отчеттуулукка карата кошумча иретинде зарыл болгон салыштырылуучу маалыматтарды бере алат. Мындай салыштырмалуу маалымат 10-пунктта эскерилген бир же андан ашуун отчеттордон турушу мүмкүн, бирок, финансылык отчеттуулуктун толук комплектиси болушу сөзсүз милдеттүү эмес. Көрсөтүлгөн кошумча отчеттор берилген учурда ишкана аларга тийиштүү болгон эскертүүлөрдү дагы бериши керек.

38D Мисалы, ишкана пайда же зыяндар жана башка жыйынды кирешелер жөнүндө үчүнчү отчетту бере алат (ушунун өзү менен учурдагы мезгил үчүн, мурдагы мезгил үчүн жана бир кошумча салыштырмалуу мезгил үчүн маалыматтарды берет). Бирок ишкана финансылык абал жөнүндө үчүнчү отчетту, акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө үчүнчү отчетту же өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө үчүнчү отчетту (б.а. кошумча салыштырылуучу финансылык отчетторду) берүүгө милдеттүү эмес. Өзүнүн финансылык отчеттуулугуна карата эскертүүлөрдө ишкана көрсөтүлгөн кошумча отчетко тийиштүү пайда же зыяндар жана башка жыйынды кирешелер жөнүндө салыштырмалуу маалыматтарды берүүгө тийиш.

39–40 [Алып салынган]

*Эсеп саясатын өзгөртүү, ретроспективдүү оңдоо же кайра классификациялоо*

**40A Ишкана 38A-пунктуна ылайык, салыштырмалуу финансылык отчеттуулуктун талап кылынган минимумуна карата кошумча мурдагы мезгилдин башталышына карата финансылык абал жөнүндө үчүнчү отчетун бериши керек, эгерде:**

**(a) ал эсеп саясатынын кандайдыр-бир жобосун ретроспективдүү колдонсо, өзүнүн фиансылык отчеттуулугунда беренелерди ретроспективдүү оңдоону жүргүзсө же болбосо өзүнүн финансылык отчеттуулугунда беренелерди кайра классификацияласа; жана**

**(b) көрсөтүлгөн ретроспективдүү колдонуу, ретроспективдүү оңдоо, же кайра классификациялоо мурдагы мезгилдин башталышына карата финансылык абал жөнүндө отчеттогу маалыматтарга олуттуу таасирин тийгизсе**.

40B 40A-пунктунда сыпаттамаланган жагдайларда, ишкана төмөнкү мезгилдерге абал боюнча финансылык абал жөнүндө үч отчет бериши керек:

(a) учурдагы мезгилдин аягында;

(b) мурдагы мезгилдин аягында; жана

(c) мурдагы мезгилдин башталышында.

40C Ишкана 40A-пунктуна ылайык финансылык абал жөнүндө кошумча отчет берүүгө милдеттүү болгон учурда, ал 41-44-пункттарда жана ФОЭС (IAS) 8де талап кылынуучу маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш. Бирок ал мурдагы мезгилдин башталышына карата финансылык абал жөнүндө киришүү отчетунун башка эскертүүлөрүн көрсөтүүгө милдеттүү эмес.

40D Көрсөтүлгөн финансылык абал жөнүндө киришүү отчетунун түзүлгөн күнү ишкананын финансылык отчеттуулугу алда канча эрте мезгилдер үчүн салыштырмалуу маалыматтарды камтыган-камтыбаганына карабастан (38С-пунктунда жол берилгендей), мурдагы мезгилдин башталыш күнү болушу керек.

41 **Эгерде ишкана өзүнүн финансылык отчеттуулугунда беренелерди көрсөтүүнүн же классификациялоонун тартибин өзгөртсө, ал кайра классификациялоону практикада колдонуу мүмкүн болбогон учурлардан тышкары, салыштырмалуу суммаларды кайра классификациялоосу керек. Ишкана салыштырмалуу суммаларды кайра классификациялаганда, ал төмөнкүлөрдү (анын ичинде мурдагы мезгилдин башталышына абал боюнча) ачып көрсөтүүсү тийиш:**

**(a) кайра классификациялоонун мүнөзүн;**

**(b) кайра классификацияланган ар бир берененин же беренелердин классынын суммасын; жана**

**(c) кайра классификациялоонун себебин.**

**42 Салыштырмалуу суммаларды кайра классификациялоону практикада колдонуу мүмкүн эмес болгон учурда, ишкана төмөнкүлөрдү ачып көрсөтүшү керек:**

**(a) бул суммалардын кайра классификацияланышынын мүмкүн эместигинин себептерин; жана**

**(b) эгерде көрсөтүлгөн суммалар кайра классификацияланган болсо, жүргүзүлүүчү оңдоп-түзөөлөрдүн мүнөзүн.**

43 Ар түрдүү мезгилдерге тийиштүү маалыматтардын салыштырмалуулугунун жогорулашы, өзгөчө болжолдоо максаттары үчүн пайдалануучуларга финансылык маалыматтардагы мүнөздүү багыттарды иликтөөгө мүмкүнчүлүк түзүү менен, пайдалануучуларга экономикалык чечимдерди кабыл алууга жардам берет. Айрым жагдайларда учурдагы мезгил менен салыштырууга жетишүү үчүн белгилүү бир мурдагы мезгил үчүн салыштырмалуу маалыматтарды кайра классификациялоону жүргүзүүнү практикада колдонуу мүмкүн эмес. Мисалы, мурдагы мезгилде (мезгилдерде) маалыматтарды кайра классификациялоону жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк бербегендей жыйналышы мүмкүн, ошол эле учурда зарыл маалыматтарды калыбына келтирүүнү практикада колдонуу мүмкүн эмес.

44 ФОЭС (IAS) 8 салыштырмалуу маалыматтарды оңдоп-түзөө бөлүгүндө, ишкана өзүнүн эсеп саясатынын кандайдыр-бир жобосун өзгөрткөн же катасын оңдогон учурларга карата колдонулуучу талаптар каралган.

## Берүүнүн ырааттуулугу

**45 Ишкана мезгилден мезгилге карата финансылык отчеттуулукта беренелерди көрсөтүүнүн жана классификациялоонун ошол эле тартибин төмөнкүдөн башка учурларда пайдаланууга тийиш:**

**(a) ишкананын операцияларынын мүнөзү олуттуу өзгөрүлгөндө же ФОЭС (IAS) 8де каралган эсеп саясатын тандоонун жана колдонуунун критерийлерин эске алганда, анын финансылык отчеттуулугу берүүнүн же классификациялоонун башка тартиби ылайыктуураак болорунан күмөн калтырбаганда; же**

**(b) ФОЭСтин биринде берүүнүн тартибин өзгөртүү талап кылынганда.**

46 Мисалы, олуттуу сатып алуу же чыгып калуу же финансылык отчеттуулукту берүүнүн тартибин кайра карап чыгуу финансылык отчеттуулукта маалыматтарды берүүнүн башка тартибинин зарылдыгына көрсөтүүсү мүмкүн. Ишкана өзүнүн финансылык отчеттуулугун берүү тартибин маалыматтарды берүүнүн жаңы тартиби финансылык отчеттуулукту пайдалануучулар үчүн маалыматтарды берүүгө ишенимдүү жана кыйла жөндүү болгон учурларда гана өзгөртөт, жана ошондо да маалыматтардын салыштырмалуулугун сактоо максаттарында ошол түзүмдүн андан ары пайдаланылышы ыктымал болгондо кайра каралган түзүм пайдаланылат. Берүүнүн тартибине мындай өзгөртүүлөрдү киргизүүдө ишкана 41 жана 42-пункттарга ылайык өзүнүн салыштырмалуу маалыматтарын кайра классификациялайт.

## Түзүмү жана мазмуну

### Киришүү

47 Ушул стандарт финансылык абал жөнүндө отчетто, же пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчетто (отчеттордо), же өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчетто белгилүү маалыматтарды ачып көрсөтүүнү талап кылат, ошондой эле түздөн-түз отчеттордо, же болбосо эскертүүлөрдө көрсөтүлгөн башка беренелерди ачып көрсөтүүнү талап кылат. «*Акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчет*» ФОЭС (IAS) 7 акча каражаттарынын агымдары жөнүндө маалыматтарды берүүгө карата талаптарды белгилейт.

48 Ушул стандартта «маалыматтарды ачып көрсөтүү» термини кээде финансылык отчеттордо берилген беренелерди камтыган кеңири мааниде колдонулат. Башка ФОЭСтерде дагы маалыматтарды ачып көрсөтүүгө карата талаптар камтылат. Эгерде ушул стандартта же башка ФОЭСте башкача каралбаса, анда мындай ачып көрсөтүү финансылык отчеттордо жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

### Финансылык отчеттуулукту идентификациялоо

**49 Ишкана аны менен бир документте чогуу жарыяланган башка маалыматтардын курамынан финансылык отчеттуулукту так белгилөөсү жана бөлүп көрсөтүүсү керек.**

50 ФОЭС финансылык отчеттуулукка карата гана колдонулат, жана алардын колдонулушу жылдык отчетто, жөнгө салуучу органга отчетто же башка документте берилген башка маалыматтарга жайылтылышы милдеттүү эмес. Ошондуктан пайдалануучулардын ФОЭСке ылайык даярдалган маалыматтарды, мүмкүн алар үчүн пайдалуу болуучу, бирок бул стандарттардын талаптарынын объектиси болбогон башка маалыматтардан айырмалай алышканы маанилүү.

**51 Ишкана ар бир финансылык отчеттуулукту жана эскертүүнү так белгилеши керек. Мындан тышкары, ишкана төмөнкү маалыматтарды көрүнүктүү жерге жайгаштыруусу жана аларды берилген маалыматтарды туура түшүнүү үчүн зарыл болгондо кайра кайталап турушу керек:**

**(a) отчет берүүчү ишкананын аталышын же аны окшоштуруп таануунун башка ыкмаларын, ошондой эле мурдагы отчеттук мезгил менен салыштырмалуу бул маалыматтардын кандай гана болбосун өзгөрүүлөрүн;**

© ФОЭС Фонду

**(b)** **ушул финансылык отчеттуулук өзүнчө ишкананын же ишканалардын тобунун отчеттуулугу болуп саналарын же саналбасын;**

**(c)** **отчеттук мезгил аяктаган күнүн же ушул финансылык отчеттуулук же эскертүү тийиштүү болгон мезгилди;**

**(d)** **финансылык отчеттуулукту тапшыруу валютасын, ФОЭС (IAS) 21де ушул термин кандай аныкталганын; жана**

**(e)** **финансылык отчеттуулукта берилген суммалардын тегеректелүү даражасын.**

52 Ишкана 51-пункттун талаптарын аткарыш үчүн беттерди, отчетторду, эскертүүлөрдү, мамычаларды жана ушул сыяктууларды талаптагыдай аталыштар менен тариздейт. Мындай маалыматтарды берүүнүн эң мыкты ыкмасын аныктоо үчүн сергек ой жүгүртүүнү колдонуу талап кылынат. Мисалы, ишкана финансылык отчеттуулукту электрондук түрдө берип жатканда, ар дайым эле айрым беттерге ажыратып бөлүү талап кылынбайт; анда ишкана финансылык отчеттуулукта камтылган маалыматтарды туура түшүнүүнү камсыз кылуу үчүн жогоруда көрсөтүлгөн аталыштарды кошот.

53 Көпчүлүк убактарда ишкана финансылык отчеттуулукту кыйла түшүнүктүү кылуу үчүн, финансылык отчеттуулукта маалыматтарды тапшыруу валютасынын миңдик же миллиондук бирдиктеринде берет. Эгерде ишкана сандарды тегеректөөнүн пайдаланылган даражасын ачып көрсөтсө жана маанилүү маалыматты түшүрүп койбосо, мындай ыкма жол коюлган болуп саналат.

## Финансылык абал жөнүндө отчет

## Финансылык абал жөнүндө отчетто берилүүчү маалыматтар

**54** **Финансылык абал жөнүндө отчет төмөнкү чоңдуктарды көрсөтүүчү беренелерди камтуусу тийиш:**

**(a)** **негизги каражаттар;**

**(b)** **инвестициялык кыймылсыз мүлктөр;**

**(c)** **материалдык эмес активдер;**

**(d)** **финансылык активдер ((e), (h) жана (i) пункттчаларда көрсөтүлгөн суммаларды кошпогондо);**

**(e)** **үлүштүк катышуу методун пайдалануу менен эсепке алынган инвестициялар;**

**(f)** **«*Айыл чарбасы*» ФОЭС (IAS) 41дин колдонуу чөйрөсүнө тийиштүү биологиялык активдер;**

**(g)** **запастар;**

**(h)** **соода боюнча жана башка дебитордук карыз;**

**(i)** **акча каражаттары жана акча каражаттарынын эквиваленттери;**

**(j)** **сатууга арналган катары классификацияланган активдердин жалпы суммасы, жана «*Сатууга арналган жүгүртүүдөн тышкаркы активдер жана***

***токтотулган ишмердүүлүк*» ФОЭС (IFRS) 5ке ылайык сатууга арналган катары классификацияланган чыгып жаткан топко кошулган активдер»;**

**(k)** **соода боюнча жана башка кредитордук карыз;**

**(l)** **бааланууччу милдеттенмелер;**

**(m)** **финансылык милдеттенмелер ((k) жана (l) пункттчаларында көрсөтүлгөн суммаларды кошпогондо);**

**(n)** **«*Пайда салыгы*» ФОЭС (IAS) 12де аныкталгандай утурумдук салык боюнча милдеттенмелер жана активдер;**

**(o)** **ФОЭС (IAS) 12де аныкталгандай кийинкиге калтырылган салыктык милдеттенмелер жана кийинкиге калтырылган салык активдери;**

**(p)** **ФОЭС (IFRS) 5 ылайык сатууга арналган катары классификацияланган чыгып жаткан топко кошулган милдеттенмелер;**

**(q)** **өздүк капиталдын курамында көрсөтүлгөн катышуунун контролдонбоочу үлүштөрү; жана**

**(r)** **негизги ишкананын менчик ээлерине таандык кылынган чыгарылган капитал жана резервдер.**

**55** **Ишкана анын финансылык абалын түшүнүү үчүн мындай көрсөтүү жөндүү болгондо, (54-пунктта саналган отчеттуулукту дезагрегациялоо жолу менен алынган беренелерди кошуп алганда) кошумча беренелерди, финансылык абал жөнүндө отчеттогу аталыштарды жана аралык жыйынтыктарды көрсөтүшү керек.**

55A Эгерде ишкана 55-пунктка ылайык арадагы жыйынтык суммаларды көрсөтсө, анда мындай арадагы суммалар төмөнкүлөрдү камтышы керек:

(a) ФОЭСке ылайык таанылган жана бааланган суммалардан турган отчеттуулуктун беренелерин;

(b) арадагы жыйынтык сумманы түзүүчү отчеттуулуктун беренелери ачык жана түшүнүктүү болгондой көрсөтүлгөн жана белгиленген болушу керек;

(c) 45-пунктка ылайык мезгилден мезгилге ырааттуу болушу; жана

(d) ФОЭСке ылайык финансылык абал жөнүндө отчетто көрсөтүлүшү керек болгон арадагы жыйынтык суммаларга жана арадагы суммаларга салыштырмалуу өзгөчө бөлүнүп берилбеши керек.

**56** **Ишкана өзүнүн финансылык абал жөнүндө отчетунда жүгүртүүдөгү жана жүгүртүүдөн тышкаркы активдерди жана кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү милдеттемелерди өзүнчө классификацияланган топтор катары көрсөткөндө, ал кийинкиге калтырылган салык активдерин (милдеттенмелерин) жүгүртүүдөгү активдер (кыска мөөнөттүү милдеттенмелер) катары классификациялабайт.**

57 Ушул стандартта ишкана берген беренелердин кезектүүлүгү же форматы айтылбайт . 54-пункт жөн гана финансылык абал жөнүндө отчетто аларды айрым көрсөтүү керектигин

белгилөө үчүн мүнөзү же арналышы боюнча жетиштүү деңгээлде айырмаланган беренелердин тизмегин келтирет. Мындан тышкары:

(a) кандайдыр-бир берененин же ошондой окшош беренелердин жыйындысынын көлөмү, мүнөзү же арналышы ишкананын финансылык абалын түшүнүү үчүн аларды өзүнчө көрсөтүү жөндүү болгон учурда отчеттуулук беренелерин кошуунун зарылдыгы келип чыгат; жана

(b) беренелердин же ошондой окшош беренелердин жыйындысынын пайдаланылган аталыштары жана кезектүүлүгү, ошол ишкананын финансылык абалын түшүнүү үчүн жөндүү маалыматтарды камсыз кылуу үчүн ишкананын жана анын операцияларынын мүнөзүнө ылайык такталышы мүмкүн. Мисалы, финансылык ишкана финансылык ишкананын ишмердүүлүгүнө шайкеш келген маалыматтарды көрсөтүү үчүн жогоруда көрсөтүлгөн аталыштарды өзгөртө алат.

58 Ишкана төмөнкүлөрдү эске алуу менен, кошумча беренелерди өзүнчө көрсөтүү керектиги жөнүндө ой жүгүртүүсүн билдирет:

(a) активдердин мүнөзүн жана ликвиддүүлүгүн;

(b) ишкананын алкагында активдердин арналышын; жана

(c) милдеттенмелердин көлөмүн, мүнөзүн жана төлөө мөөнөттөрүн.

59 Активдердин ар түрдүү класстары үчүн баалоонун ар түрдүү базаларын пайдалануу, бул ар түрдүү класстардагы активдердин мүнөзү же иш-милдеттери айырмалуу болуусун, жана демек, ишкана аларды өзүнчө беренелер катары көрсөтүүсүн болжолдойт. Мисалы, ФОЭС (IAS) 16га ылайык, негизги каражаттардын ар түрдүү класстары баштапкы нарктары же кайталап бааланган нарктары боюнча чагылдырылышы мүмкүн.

## Активдерди жана милдеттенмелерди кыска мөөнөттүүгө жана узак мөөнөттүүгө бөлүү

**60 Ишкана өзүнүн финансылык абал жөнүндө отчетунда көрсөтүү ыкмасы ликвиддүүлүк деңгээли боюнча ишенимдүү жана бир кыйла жөндүү маалыматтарды берүүнү камсыз кылуучу учурларды кошпогондо, 66–76-пункттарга ылайык жүгүртүүдөгү жана жүгүртүүдөн тышкаркы активдерин, ошондой эле кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү милдеттенмелерин өзүнчө көрсөтүшү керек. Эгерде көрсөтүлгөн өзгөчө учур колдонулса, ишкана бардык активдерин жана милдеттенмелерин алардын ликвиддүүлүгү тартибинде көрсөтүүсү керек.**

**61 Ишкана берүүнүн кандай гана ыкмасын кабыл албасын, ал курамында орду толтурулушу же төлөнүшү күтүлүп жаткан суммалар бириктирилген активдердин жана милдеттенмелердин ар бир беренесине колдонулуучу, он эки ай өткөндөн кийин күтүлгөн ордун толтуруу жана төлөө суммасын ачып көрсөтүшү керек:**

**(a) отчеттук мезгил бүткөндөн кийин он эки айдын ичинде, жана**

**(b) отчеттук мезгил бүткөндөн кийин он экиден ашык ай өткөндө.**

62 Эгер ишкана так аныкталган операциялык циклдин алкагында товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү берүүнү жүзөгө ашыра турган болсо, финансылык абал жөнүндө отчетто активдердин жана милдеттенмелердин жүгүртүүдөгү (кыска мөөнөттүү) жана жүгүртүүдөн

тышкаркы (узак мөөнөттүү) болуп бөлүнүшү пайдалуу маалыматты камсыз кылат, анткени жүгүртүүдөгү капиталдын курамында такай айланууда болгон таза активдерди ишкананын узак мөөнөттүү ишмердүүлүгүндө колдонулуучу активдерден бөлүп алууга мүмкүндүк берет. Бул ошондой эле ишкана учурдагы операциялык циклдин ичинде сатууну болжолдоп жаткан активдерди, жана ушул эле мезгил ичинде төлөнүүгө тийиш милдеттенмелерди бөлүп көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

63 Финансылык институттар сыяктуу кээ бир ишканалар үчүн активдерди жана милдеттенмелерди ликвиддүүлүгүнүн өсүү же кемүү тартибинде көрсөтүү аларды жүгүртүүдөгүгө (кыска мөөнөттүүгө) жана жүгүртүүдөн тышкаркыга (узак мөөнөттүүгө) бөлүү менен алынганга караганда ишенимдүү жана бир кыйла жөндүү маалыматты камсыз кылат, анткени мындай ишкана так аныкталган операциялык циклдин ичинде товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү берүүнү жүзөгө ашырбайт.

64 Ишканага 60-пунктту колдонууда өзүнүн активдеринин жана милдеттенмелеринин бир бөлүгүн жүгүртүүдөгүгө (кыска мөөнөттүүгө) жана жүгүртүүдөн тышкаркыга (узак мөөнөттүүгө) бөлүү менен, ал эми алардын экинчи бөлүгүн – ликвиддүүлүк тартибинде көрсөтүүгө уруксат берилет, эгерде ушуну менен ишенимдүү жана бир кыйла жөндүү маалыматтарды берүү камсыз кылынса. Ишкана ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүн жүзөгө ашырган учурларда көрсөтүүнүн аралаш негизин пайдалануунун зарылдыгы келип чыгат.

65 Активдерди жана милдеттенмелерди ишке ашыруунун болжолдонгон мөөнөттөрү жөнүндө маалыматтар ликвиддүүлүктү жана ишкананын төлөө жөндөмдүүлүгүн баалоо үчүн пайдалуу болуп саналат. *«Финансылык инструменттер: маалыматтарды ачып көрсөтүү»* ФОЭС (IFRS) 7 финансылык активдерди жана финансылык милдеттенмелерди төлөөнүн мөөнөттөрү жөнүндө маалыматтарды ачып көрсөтүүнү талап кылат. Финансылык активдер соода боюнча жана башка дебитордук карыздарды, ал эми финансылык милдеттенмелер соода боюнча жана башка кредиттик карыздарды өз ичине камтыйт. Запастар сыяктуу акчалай эмес активдердин ордун толтуруунун болжолдолгон мөөнөттөрү жөнүндө, жана баалануучу милдеттенмелер сыяктуу милдеттенмелерди төлөө мөөнөттөрү жөнүндө маалыматтар, активдер жана милдеттенмелер жүгүртүүдөгү (кыска мөөнөттүү) же жүгүртүүдөн тышкаркы (узак мөөнөттүү) активдерге жана милдеттенмелерге классификацияланганына карабастан пайдалуу. Мисалы, ишкана отчеттук мезгил бүткөндөн кийин он экиден ашык ай өткөндөн кийин наркынын ордун толтуруу күтүлүп жаткан запастардын көлөмү жөнүндө маалыматтарды ачып көрсөтөт.

## Жүгүртүүдөгү активдер

**66 Ишкана активди жүгүртүүдөгү катары төмөнкүдөй учурларда классификациялоого тийиш:**

**(a) ал активди сатып өткөрүүнү болжолдогондо же өзүнүн демейки операциялык циклинин алкагында сатууга же керектөөгө ниеттенгенде;**

**(b) ал бул активди негизинен соода максаттары үчүн кармап турганда;**

**(c) ал отчеттук мезгил бүткөндөн кийин он эки айдын ичинде аны сатууну болжолдогондо; же**

**(d) бул актив аны алмашууга же отчеттук мезгил бүткөндөн кийин кеминде он эки айдын ичинде күчүндө боло турган милдеттенмелерди төлөө үчүн**

**пайдаланууга карата чектөөлөр болгон учурларды кошпогондо, акча каражаттарын же акча каражаттарынын эквивалентин (ФОЭС (IAS) 7де аныкталган маанисинде) билдирет.**

**Ишкана бардык башка активдерди жүгүртүүдөн тышкаркы катары классификациялоого тийиш.**

67 Ушул стандартта «жүгүртүүдөн тышкаркы» деген термин узак мөөнөттүү мүнөздөгү материалдык, материалдык эмес жана финансылык активдерди белгилеп көрсөтүү үчүн пайдаланылат. Стандарт альтернативдик белгилөөлөрдүн маңызы айкын болгон шартта аларды колдонууга тыюу салбайт.

68 Ишкананын операциялык цикли болуп иштеп чыгуу үчүн активдерди сатып алган учур менен аларды акча каражаттары же алардын эквиваленттери түрүндө сатып өткөргөн учурдун аралыгындагы убакыт саналат. Ишкананын демейки операциялык циклин так идентификациялоого болбой турган учурларда бул циклдин узактыгы он эки айды түзөт деген божомолго жол берилет. Жүгүртүүдөгү активдерге сатылуусу, керектелүүсү же сатып өткөрүлүүсү демейки операциялык циклдин чегинде жүзөгө ашырыла турган активдер (запастар жана соода боюнча дебитордук карыз сыяктуу), ал тургай наркы отчеттук мезгил бүткөндөн кийин он эки айдын ичинде сатып өткөрүлөрү болжолдонбогон активдер кирет. Жүгүртүүдөгү активдердин курамына негизинен соода максаттарына арналган активдер (мисалы, ФОЭС (IFRS) 9га ылайык «соодага арналган» деген аныктамага туура келген айрым финансылык активдер), ошондой эле жүгүртүүдөн тышкаркы финансылык активдердин жүгүртүүдөгү бөлүгү кирет.

## Кыска мөөнөттүү милдеттенмелер

**69 Ишкана милдеттенмелерди төмөндөгүдөй учурларда кыска мөөнөттүү катары классификациялоого тийиш:**

**(a) ал бул милдеттенмени өзүнүн демейки операциялык циклинин алкагында төлөп берүүнү болжолдогондо;**

**(b) ал бул милдеттенмени соода максаттарында гана кармап турганда;**

**(c) бул милдеттенме отчеттук мезгил бүткөндөн кийин он эки айдын ичинде төлөп берүүгө жатканда; же**

**(d) ишканада милдеттенмени төлөөнү отчеттук мезгил бүткөндөн кийин кеминде он эки айга узартууга шартсыз укугу болбогондо (73-пунктту караңыз). Милдеттенме анын шарттарына ылайык, контрагенттин ыктыярына жараша үлүштүк инструменттерди чыгаруу жана өткөрүп берүү жолу менен жөнгө салына турган болсо, бул шарттар ушул милдеттенмени классификациялоого таасир кылбайт.**

**Ишкана бардык башка милдеттенмелерди узак мөөнөттүү катары классификациялоого тийиш.**

70 Соода боюнча кредитордук карыз сыяктуу кээ бир кыска мөөнөттүү милдеттенмелер жана персоналга чыгымдарга жана башка операциялык чыгымдарга айрым чегерүүлөр ишкананын демейки операциялык циклинин алкагында колдонулуучу жүгүртүүдөгү капиталдын бөлүгүн түзөт. Ишкана мындай операциялык беренелерди, алар отчеттук

мезгил бүткөндөн кийин он экиден ашык ай өткөн соң төлөнүүгө жатса да, кыска мөөнөттүү милдеттенмелер катары классификациялайт. Ишкананын активдерин жана милдеттенмелерин классификациялоо максаттары үчүн бир эле демейки операциялык цикл колдонулат. Ишкананын демейки операциялык цикли так идентификацияланбай турган учурларда циклдин узактыгы он эки айды түзөт деп болжолдоого жол берилет.

71 Башка кыска мөөнөттүк милдеттенмелерди демейки операциялык циклдин алкагында төлөнөт деп болжолдоого болбойт, бирок алар отчеттук мезгил бүткөндөн кийин он эки айдын чегинде төлөнүүгө жатат же болбосо бул милдеттенмелер негизинен соода максаттарында кармалып турат. Буга мисал катары ФОЭС (IFRS) 9га ылайык «соодага арналган» деген аныктамага туура келген кээ бир финансылык милдеттенмелерди, банктык овердрафттарды, ошондой эле узак мөөнөттүү финансылык милдеттенмелердин кыска мөөнөттүү бөлүктөрүн, дивиденддерди төлөө боюнча карыздарды, пайда салыгын жана башка соода боюнча эмес кредитордук карыздарды алууга болот. Узак мөөнөттүү каржылоону камсыз кылуучу (б.а. ишкананын демейки операциялык циклинин алкагында колдонула турган жүгүртүүдөгү капиталдын бөлүгүн түзбөөчү) жана отчеттук мезгил бүткөндөн кийин он эки айдын чегинде төлөнүүгө жатпаган финансылык милдеттенмелер 74 жана 75-пункттарды эсепке алуу менен узак мөөнөттүү милдеттенмелер катары каралат.

72 Ишкана отчеттук мезгил бүткөндөн кийин он эки айдын чегинде төлөнүүгө тийиш болгон өзүнүн финансылык милдеттенмелерин кыска мөөнөттүк милдеттенмелер катары классификациялайт, ал тургай:

(a) төлөп берүүнүн баштапкы мөөнөтү он эки айдан ашык болсо; жана

(b) кайра каржылоо жөнүндө же төлөмдөрдүн графигин узак мөөнөттүү негизде кайра карап чыгуу жөнүндө макулдашуу отчеттук мезгил бүткөндөн кийин, бирок финансылык отчеттуулукту чыгаруу жактырылган учурга чейин түзүлсө.

73 Эгерде ишкана колдонулуп жаткан кредиттик макулдашуунун алкагында милдеттенменин кайра каржыланышын же милдеттенменин төлөп берүү мөөнөтүнүн отчеттук мезгил бүткөндөн кийин кеминде он айлык мөөнөткө узартылышын күтүп жатса же колдонулуп жаткан кредиттик линиянын алкагында муну өз ыктыярына жараша жасоого укуктуу болсо, бул милдеттенме кайра каржыланбаган же анын төлөө мөөнөтү узартылбаган учурда бир кыйла кыска мөөнөттө төлөнүүгө тийиш болсо да, ишкана бул милдеттенмени узак мөөнөттүү милдеттенме катары классификациялайт. Бирок, ишкана милдеттенмени өз ыктыярына жараша кайра каржылоого же анын төлөө мөөнөтүн узартууга укуксуз учурда (мисалы, кайра каржылоо жөнүндө макулдашуу болбогондо), ишкана кайра каржылоонун потенциалдуу мүмкүндүгүн көңүлгө албайт жана бул милдеттенмени кыска мөөнөттүү катары классификациялайт.

74 Эгерде ишкана узак мөөнөттүү кредиттик макулдашуунун кандайдыр бир шартын отчеттук мезгил бүткөн күнгө карата же бул күнгө чейин бузса, мунун натыйжасында милдеттенме талап боюнча төлөнүүгө тийиш болуп калса, ишкана бул милдеттенмени, ал тургай кредитор отчеттук мезгил бүткөндөн кийин, бирок финансылык отчеттуулук чыгарылууга жактырылганга чейин, жол берилген бузууга карабастан макул болгондо да, бул милдеттенмени кыска мөөнөттүү катары классификациялайт. Ишкана милдеттенменин төлөнүү мөөнөтүн отчеттук мезгил бүткөн күнгө карата ишкананын көрсөтүлгөн күндөн кийин кеминде он эки айга узартууга шартсыз укугу жок болгондуктан, бул милдеттенмени кыска мөөнөттүү катары классификациялайт.

75 Бирок, эгерде кредитор отчеттук мезгил бүткөнгө чейин ишканага отчеттук мезгил бүткөндөн кийин кеминде он эки айдан кийин бүтө турган, ишкана бузууну оңдой ала турган жана мында кредитор кредитти токтоосуз төлөп берүүнү талап кыла албай турган жеңилдетилген мезгилди берүүгө макул болсо, ишкана бул милдеттенмени узак мөөнөттүү катары классификациялайт.

76 Кыска мөөнөттүү милдеттенмелер катары классификацияланган зайымдарга карата алганда, эгерде отчеттук мезгил бүтө турган күн менен финансылык отчеттуулукту чыгаруу жактырылган күндүн ортосундагы мезгилде төмөндөгү окуялар (учурлар) келип чыкса, бул окуялар *«Отчеттук мезгилден кийинки окуялар»* ФОЭС (IAS) 10го ылайык, оңдоп-түзөлбөй турган окуялар катары ачып көрсөтүлүүгө тийиш:

(a) узак мөөнөттүү негизде кайра каржылоо;

(b) узак мөөнөтүү кредиттик макулдашуунун шарттарын бузууларды оңдоо; жана

(c) кредитор тарабынан узак мөөнөттүү кредиттик макулдашуунун шарттарын бузууларды оңдоо үчүн отчеттук мезгил бүткөндөн кийин кеминде он эки айдан кийин бүтө турган жеңилдетилген мезгилдин берилиши.

## Финансылык абал жөнүндө отчетто же болбосо эскертүүлөрдө берилүүгө тийиш маалымат

**77 Ишкана финансылык абал жөнүндө отчетто же болбосо эскертүүлөрдө көрсөтүлгөн беренелерди ишкананын ишмердүүлүгүнө ылайык келген тартипте классификациялык кичи категорияларга бөлүп көрсөтүшү керек.**

78 Классификациялык кичи категорияларда келтирилген маалыматтарды такташтыруу ФОЭСтин талаптарына, ошондой эле тийиштүү көрсөткүчтөрдүн өлчөмүнө, мүнөзүнө жана арналышына жараша болот. Классификациялык кичи категорияларга бөлүүнүн принциби жөнүндө маселени чечүүдө ишкана ошондой эле 58-пунктта баяндалган факторлорду да эсепке алат. Ар бир көрсөткүч боюнча ачып көрсөтүлүүчү маалымат, мисалы, төмөндөгүдөй ар түрдүүчө болушу ыктымал:

(a) негизги каражаттардын беренелери ФОЭС (IAS) 16га ылайык класстар боюнча такташтырылат;

(b) дебитордук карыз сатып алуучулардын жана буюртмачылардын карыздарынын, байланыштуу тараптардын карыздарынын, алдын ала төлөө суммалары жана башка суммалар боюнча такташтырылат;

(c) запастар *«Запастар»* ФОЭС (IAS) 2ге ылайык товарлар, өндүрүштүк запастар, материалдар, бүткөрүлбөгөн өндүрүш жана даяр продукция сыяктуу кичи категорияларга бөлүп көрсөтүлөт;

(d) баалануучу милдеттенмелер кызматкерлердин сыйакыларына карата таанылгандарга жана башка беренелерге кире тургандарга бөлүп көрсөтүү менен такташтырылат; жана

(e) өздүк капитал жана резервдер төлөнгөн капитал, эмиссиялык киреше жана капиталдын курамындагы резервдер сыяктуу ар кандай класстар боюнча такташтырылат.

**79 Төмөнкүдөй маалыматтарды ишкана анын финансылык абалы жөнүндө отчетто же болбосо капиталдын өзгөрүүлөрү жөнүндө отчетто же болбосо эскертүүлөрдө ачып көрсөтүшү керек:**

**(a) акционердик капиталдын ар бир классына карата алганда:**

**(i) чыгарууга уруксат берилген акциялардын саны;**

**(ii) чыгарылган жана толук төлөнгөн акциялардын саны, ошондой эле чыгарылган, бирок толук төлөнбөгөн акциялардын саны;**

**(iii) акциялардын номиналдык наркы же акциялардын номиналдык наркы жок экени жөнүндө көрсөтмө;**

**(iv) мезгилдин башталышына жана анын бүтө турган күнүнө карата жүгүртүүдө турган акциялардын санын текшерип салыштыруу;**

**(v) дивиденддерди бөлүштүрүүгө жана капиталды кайра кайтарууга карата чектөөлөрдү кошуп алганда, ушул класс үчүн каралган укуктар, артыкчылыктар жана чектөөлөр;**

**(vi) ишкананын өзү жана анын туунду же ассоциацияланган ишканалары кармап турган ишкананын акциялары; жана**

**(vii) акцияларды сатуу опциондорун жана келишимдерин аткаруу үчүн аларды чыгаруу максатында резервделген акциялар, анын ичинде чыгаруунун шарттары жана суммалары; жана**

**(b) өздүк капиталдын курамындагы ар бир резервдин мүнөзүнүн жана арналышынын сыпатталышы.**

**80 Акционердик капиталы жок, өнөктөш же траст сыяктуу ишкана 79(a)-пунктуна ылайык талап кылынуучу маалыматка эквиваленттүү маалыматты, өздүк капиталдагы үлүштүк катышуунун ар бир категориясы боюнча тийиштүү мезгилдеги өзгөрүүлөрдү көрсөтүү менен, ошондой эле капиталдагы үлүштөрдүн ар бир категориясы үчүн каралган укуктар, артыкчылыктар жана чектөөлөр жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүшү керек**

**80A Эгерде ишкана төмөндөгүлөрдү кайра классификациялоону жүзөгө ашырса**

**(a) үлүштүк инструмент катары классификацияланган, кайра артка сатуу укугу менен финансылык инструментти, же**

**(b) ишкананын таза активдеринин пропорционалдуу үлүшүн ал жоюлган учурда гана үчүнчү тарапка берүүнү ишканага милдеттендире турган жана үлүштүк инструмент катары классификацияланган инструментти,**

**ишкана финансылык милдеттенмелеринин жана өздүк капиталынын категорияларынын ортосунда бир категориядан башка категорияга (финансылык милдеттенмелеринин же өздүк капиталынын) кайра классификацияланган сумманы, ошондой эле көрсөтүлгөн кайра классификациялоонун мөөнөттөрүн жана негизин ачып көрсөтүшү керек.**

## Пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчет

© ФОЭС Фонду

81 [Алып салынды]

**81A Пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчетто (жыйынды киреше жөнүндө отчетто) пайда же зыян жөнүндө жана башка жыйынды киреше жөнүндө бөлүмдөрдөн тышкары төмөндөгүдөй көрсөткүчтөр берилиши керек:**

**(a) пайда же зыян;**

**(b) бардык башка жыйынды киреше;**

**(c) мезгил ичиндеги жыйынды киреше пайданын же зыяндын жана башка жыйынды кирешенин суммалык көлөмү катары.**

**Эгерде ишкана пайда же зыян жөнүндө өзүнчө отчет берсе, анда ал жыйынды кирешени чагылдыруучу отчетко пайда же зыян жөнүндө бөлүмдү киргизбейт.**

**81B Ишкана пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө бөлүмдөрдөн тышкары, ошондой эле, мезгил ичиндеги пайданы жана зыянды жана башка жыйынды кирешени бөлүп көрсөтүүчү төмөнкүдөй беренелерди да көрсөтүшү керек:**

**(a) төмөндөгүлөргө таандык болгон мезгил ичиндеги пайда же зыян:**

**(i) катышуунун контролдонбоочу үлүштөрүнө, жана**

**(ii) башкы ишкананын менчик ээлерине.**

**(b) төмөндөгүлөргө таандык болгон мезгил ичиндеги жыйынды киреше:**

**(i) катышуунун контролдонбоочу үлүштөрүнө, жана**

**(ii) башкы ишкананын менчик ээлерине.**

**Эгерде ишкана пайда же зыян жөнүндө маалыматты өзүнчө отчетто берсе, (a) пунктчасында талап кылынган маалыматтарды ал ушул отчетто бериши керек.**

## Пайда же зыян жөнүндө бөлүмдө же пайда же зыян жөнүндө отчётто берилүүгө тийиш маалыматтар

**82 Башка ФОЭСтерде талап кылынуучу беренелерден тышкары, пайда же зыян жөнүндө бөлүмдө же пайда же зыян жөнүндө отчетто мезгил ичиндеги төмөнкүдөй көрсөткүчтөр берилген саптар камтылууга тийиш:**

**(a) түшкөн каражатты, мында натыйжалуу пайыздык ставка методун пайдалануу менен эсептелген пайыздык түшкөн каражатты да;**

**(aa) амортизацияланган наркы боюнча бааланууучу финансылык активдерди таанууну токтотуунун натыйжасында келип чыгуучу пайдаларды жана зыяндарды;**

**(b) каржылоо чыгымдарын;**

**(ba) ФОЭС (IFRS) 9дун 5.5-бөлүмүнө ылайык аныкталган нарктын түшүшүнөн зыяндарды (нарктын түшүшүнөн зыяндарды калыбына келтирүүнү же нарктын түшүшүнөн пайданы кошуп алганда);**

**(c)** **үлүштүк катышуу методун пайдалануу менен эсепке алынуучу, ассоциацияланган ишканалардын жана биргелешкен ишкананын пайдасындагы же зыянындагы ишкананын үлүшүн;**

**(ca)** **эгерде финансылык актив амортизацияланган наркы боюнча бааланууучу категориядан адилет наркы боюнча пайда же зыян аркылуу кайра классификацияланса, кайра классификациялоо (бул терминдин ФОЭС (IFRS) 9дагы аныктамасына ылайык) күнүнө карата алганда бул финансылык активдин мурдагы амортизацияланган наркы менен анын адилет наркынын ортосундагы айырманын натыйжасында келип чыгуучу бардык пайданы же зыянды;**

**(cb)** **эгерде финансылык актив адилет наркы боюнча бааланууучу категориядан башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча пайда жана зыян аркылуу баалана турган таризде кайра классификацияланса, пайданын жана зыяндын курамына кайра классификацияланган башка жыйынды кирешенин курамында мурда таанылган бардык топтолгон пайданы же зыянды;**

**(d)** **салык боюнча чыгашаны;**

**(e)** [алып салынган]

**(ea)** **ишмердүүлүктүн токтотулган түрлөрүнүн бүткүл көлөмүн чагылдыруучу бирдиктүү сумманы (ФОЭС (IFRS) 5ти караңыз).**

**(f)–(i)** [алып салынган]

## Башка жыйынды киреше жөнүндө бөлүмдө берилүүгө тийиш маалыматтар

**82A** **Башка жыйынды киреше жөнүндө бөлүмдө мезгил ичиндеги төмөнкүдөй суммаларга карата алгандагы отчеттуулук беренелери берилиши керек:**

**(a)** **мүнөзү боюнча классификацияланган жана беренелердин тобуна бириктирилген башка жыйынды кирешенин беренелери ((b)-пунктчасындагы суммалардан башка), алар башка ФОЭСтерге ылайык:**

**(i)** **кийин пайданын же зыяндын курамына кайра классификацияланбайт; жана**

**(ii)** **белгилүү бир шарттар аткарылганда айрымдары кийин пайданын же зыяндын курамына кайра классификацияланат.**

**(b)** **беренелерде үлүштөрдү өзүнчө көрсөтүү менен, үлүштүк катышуу методу боюнча эсепке алынуучу, ассоциацияланган ишканалардын жана биргелешкен ишканалардын башка жыйынды кирешесиндеги үлүштөр, алар башка ФОЭСтерге ылайык:**

**(i)** **кийин пайданын же зыяндын курамына кайра классификацияланбайт; жана**

**(ii) белгилүү бир шарттар аткарылганда айрымдары кийин пайданын же зыяндын курамына кайра классификацияланат.**

**83–84** [Алып салынган]

**85 Ишкана отчеттуулуктун кошумча беренелерин (анын ичинде 82-пунктта саналып өткөн отчеттуулук беренелерин дезагрегациялоо жолу менен алынган беренелерди), ишкананын финансылык натыйжалуулугун ушундайча берүү жөндүү болсо, пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө маалыматтарды бере турган отчетто же отчеттордо аталыштарды жана арадагы жыйынтыктарды бериши керек.**

85A Эгерде ишкана 85-пунктка ылайык арадагы жыйынтык суммаларды бере турган болсо, мындай арадагы суммалар:

(a) ФОЭСке ылайык таанылган жана бааланган суммалардан туруучу отчеттуулук беренелерин камтышы керек;

(b) арадагы жыйынтык сумманы түзүүчү отчеттуулук беренелери айкын жана түшүнүктүү болгондой берилиши жана көрсөтүлүшү керек;

(c) 45-пунктка ылайык мезгилден мезгилге карай ырааттуу болушу керек; жана

(d) отчетто (отчеттордо) берилүүгө тийиш болгон жана ФОЭСке ылайык пайданы жана зыянды көрсөтүүчү арадагы жыйынтык суммаларга жана жыйынтык суммаларга салыштырганда өзгөчөлөнтүп көрсөтүлбөшү керек.

85B Ишкана өзүнүн пайдасын же зыянын жана башка жыйынды кирешесин көрсөтүүчү отчетто (отчеттордо) 85-пунктка ылайык бериле турган арадагы жыйынтык суммаларды анын мындай отчетунда (отчетторунда) ФОЭСке ылайык берилүүгө тийиш болгон арадагы жыйынтык суммалар же жыйынтык суммалар менен салыштыра турган беренелерди бериши керек.

86 Ишкананын ишмердүүлүгүнүн ар кандай түрлөрүнөн, анын операцияларынан жана башка окуялардан улам болуучу натыйжалар мезгилдүүлүгү, пайданын же зыяндын келип чыгуу даремети, болжолдонуучулугу боюнча айырмалана тургандыктан, финансылык натыйжалуулуктун компоненттери жөнүндө маалыматтарды ачып көрсөтүү алынган финансылык натыйжалуулукту түшүнүүгө жана келечектеги финансылык натыйжалуулукту болжолдоого аларды пайдалануучуларга жардам берет. Ишкана финансылык натыйжалуулуктун элементтерин түшүндүрүү үчүн зарыл болсо, пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө маалыматтарды берүүчү отчетко же отчетторго кошумча беренелерди киргизет жана пайдаланылган аталыштарды жана беренелердин көрсөтүлүү кезегин ондоп-түзөйт. Ишкана кирешелер жана чыгашалар беренелеринин факторлорун, анын ичинде маанилүүлүгүн, ошондой эле мүнөзүн жана арналышын эсепке алат. Мисалы, финансылык институт өзүнүн ишмердүүлүгүнө ылайык келген маалыматтарды берүү үчүн беренелердин аталыштарын өзгөртүшү мүмкүн. Ишкана 32-пунктта каралган критерийлерди канааттандырган учурлардан тышкары, кирешелер жана чыгашалар беренелери боюнча өз ара чегеришүүнү жүргүзбөйт.

**87 Ишкана пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө маалыматтарды берүүчү отчетто жана отчеттордо да, эскертүүлөрдө да кирешелердин жана чыгашалардын кайсы бир беренелерин өзгөчө беренелер катары көрсөтө албайт.**

## Мезгил ичиндеги пайда же зыян

**88** **Кайсы бир ФОЭС тарабынан башкача талап кылынган же жол берилген учурлардан тышкары, ишкана мезгил ичиндеги бардык кирешелер жана чыгашалар беренелерин пайданын же зыяндын курамында таанууга тийиш.**

89 Кээ бир ФОЭСтерде ишкана белгилүү бир беренелерди учурдагы мезгил ичинде пайдадан же зыяндан сырткары деп тааный ала турган жагдайлар көрсөтүлгөн. ФОЭС (IAS) 8де мындай жагдайлардын эки түрү келтирилген: каталарды оңдоо жана эсеп саясатынын жоболорун өзгөртүүнүн натыйжаларын чагылдыруу. Башка ФОЭСтер *«Концептуалдык негиздерге»* (7-пунктту караңыз) ылайык кирешелердин же чыгашалардын аныктамаларын канааттандырган башка жыйынды кирешенин компоненттерин пайданын же зыяндын курамынан чыгарууну талап кылат же ага жол берет.

## Мезгил ичиндеги башка жыйынды киреше

**90** **Ишкана кайра классификациялоодогу оңдоп-түзөөлөрдү кошуп алганда башка жыйынды кирешенин ар бир беренесине карата же болбосо пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчетто, же болбосо эскертүүлөрдө пайда салыгынын суммасын ачып көрсөтүшү керек.**

91 Ишкана башка жыйынды кирешенин беренелерин төмөнкүдөй көрсөтө алат:

(a) же болбосо тийиштүү салык натыйжаларын алып салуу менен,

(b) же болбосо тийиштүү салык натыйжаларын алып салганга чейин, ушул беренелер боюнча пайда салыгынын жыйынды суммасын бирдиктүү сумма катары чагылдыруу менен.

Эгерде ишкана (b) вариантын тандаса, салыктын көлөмүн кийин пайда же зыян жөнүндө бөлүмгө кайра классификацияланышы мүмкүн болгон беренелердин жана кийин пайда же зыян жөнүндө бөлүмгө кайра классификацияланбай турган беренелердин ортосунда бөлүштүрүүгө тийиш.

**92** **Ишкана башка жыйынды кирешенин компоненттерине карата кайра классификациялоодогу оңдоп-түзөөлөр жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүшү керек.**

93 Башка ФОЭСтерде мурда башка жыйынды кирешенин курамында деп таанылган суммаларды пайданын же зыяндын курамына кайра классификациялоого болору жана кайсы учурдарда болору көрсөтүлгөн. Кайра классификациялоонун мындай түрлөрү ушул стандартта кайра классификациялоодогу оңдоп-түзөөлөр катары белгиленген. Кайра классификациялоодогу оңдоп-түзөөлөр башка жыйынды кирешенин тийиштүү компонентине бул оңдоп-түзөөнүн суммасы пайданын же зыяндын курамына кайра классификацияланган мезгилге карата киргизилет. Бул суммалар учурдагы жана мурдагы мезгил ичинде ишке ашырылбай калган пайдалар катары башка жыйынды кирешенин курамында таанылышы мүмкүн. Ишке ашырылбай калган пайдаларды жалпы жыйынды кирешеге эки ирет киргизүүгө жол койбоо үчүн, ишке ашырылган пайдалар пайданын же зыяндын курамына кайра классификацияланган мезгилде башка жыйынды кирешеден алып салынууга тийиш.

94 Ишкана кайра классификациялоодогу оңдоп-түзөөлөрдү пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчетто же эскертүүлөрдө бериши мүмкүн. Кайра классификациялоодогу оңдоп-түзөөлөрдү эскертүүлөрдө көрсөтө турган ишкана башка

© ФОЭС Фонду

жыйынды кирешенин беренелерин кайра классификациялоодогу бардык зарыл оңдоп-түзөөлөрдү жүргүзгөндөн кийин көрсөтөт.

95 Кайра классификациялоодогу оңдоп-түзөөлөр, мисалы, чет өлкөлүк бөлүм чыгып жатканда (ФОЭС (IAS) 21ди караңыз), ошондой эле хеджирленүүчү болжолдонгон акча каражаттарынын агымы пайданын же зыяндын көлөмүнө таасир кылган учурда келип чыгат (акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө боюнча ФОЭС (IFRS) 9дун 6.5.11(d)-пунктун караңыз).

96 Кайра классификациялоодогу оңдоп-түзөөлөр ФОЭС (IAS) 16га же ФОЭС (IAS) 38ге ылайык таанылуучу кайталап баалоонун натыйжасында нарктын өсүш көлөмү өзгөргөндө же ФОЭС (IAS) 19га ылайык таанылa турган белгиленген төлөмдөрү бар программаларды кайра баалоодо келип чыкпайт. Бул компоненттер башка жыйынды кирешенин курамында таанылат жана кийин пайданын же зыяндын курамына кайра классификацияланбайт. Кайталап баалоонун натыйжасында таанылуучу, нарктын өсүш көлөмүнүн өзгөрүүлөрү активдин пайдаланылышына жараша кийинки мезгилдерде же аны таануу токтотулган учурда бөлүштүрүлбөгөн пайданын курамына өткөрүлүшү мүмкүн (ФОЭС (IAS) 16ны жана ФОЭС (IAS) 38ди караңыз). ФОЭС (IFRS) 9га ылайык, эгерде акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөнүн же опциондун (же болбосо форварддык келишимдин форварддык элементинин же финансылык инструменттин валюталык базистик спрэдинин) убакыт ичиндеги наркын эсепке алуу тартибинин натыйжасында акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө резервинен же өздүк капиталдын өзүнчө компонентинен алып салынуучу суммалар келип чыкса жана тийиштүү түрдө активдин же милдеттенменин баштапкы наркына же башка баланстык наркына тикелей киргизилсе, кайра квалификациялоодогу оңдоп-түзөөлөр келип чыкпайт. Мындай суммалар активдердин же милдеттенмелердин курамына тикелей которулат.

**Пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчетто (отчеттордо) же эскертүүлөрдө берилүүгө тийиш маалымат**

97 Кирешелердин же чыгашалардын тигил же бул беренелери маанилүү болгон учурда ишкана алардын мүнөзү жана көлөмү жөнүндө маалыматты өзүнчө ачып көрсөтүшү керек.

98 Кирешелер жана чыгашалар беренелери жөнүндө маалымат өзүнчө ачып көрсөтүлүүгө тийиш болгон жагдайлар төмөндөгүлөрдү камтыйт:

(a) запастардын наркын сатуунун таза баасына чейин эсептен чыгаруу же негизги каражаттардын наркын алардын орду толтурулуучу наркына чейин эсептен чыгаруу, ошондой эле мындайча эсептен чыгарылган суммаларды калыбына келтирүү;

(b) ишкананын ишмердүүлүгүн кайра түзүмдөштүрүү жана кайра түзүмдөштүрүү чыгымдарына карата кайсы болбосун бааланууучу милдеттенмелердин суммаларын калыбына келтирүү;

(c) негизги каражаттар беренелеринин чыгып калышы;

(d) инвестициялардын чыгып калышы;

(e) токтотулган ишмердүүлүк;

(f) соттук талаштарды жөнгө салуу; жана

(g) бааланууучу милдеттенмелердин суммаларын калыбына келтирүүнүн башка учурлары.

**99 Ишкана пайданын же зыяндын курамында таанылган, алардын мүнөзүнө же болбосо ишкананын алкагында алардын арналышына негизделген классификацияларды пайдалануу менен, ыкмалардын кайсынысы ишенимдүү жана жөндүү маалыматты камсыз кыла тургандыгына жараша чыгашалардын талдоосун берүүгө тийиш.**

100 99-пунктта талап кылынган талдоону ишканалардын пайдага же зыянга жана башка жыйынды кирешеге тиешелүү көрсөткүчтөрү берилүүчү отчетто (отчеттордо) түздөн-түз берүүсү кубатталат.

101 Кичи категориялар боюнча чыгашаларды классификациялоо мезгилдүүлүгү, пайданын же зыяндын келип чыгуу дарамети жана болжолдонуучулугу боюнча айырмалана турган финансылык натыйжалуулуктун компоненттерин бөлүп көрсөтүү үчүн пайдаланылат. Мындай талдоо эки форматтын биринде берилет.

102 Биринчи формат «чыгашалардын мүнөзү боюнча» деген методду колдонуп талдоо жасоону билдирет. Ишкана пайданын же зыяндын курамына чыгашаларды алардын мүнөзү боюнча (мисалы, негизги каражаттардын амортизациясы, материалдарды сатып алуу, транспорттук чыгымдар, кызматкерлердин сыйакылары жана жарнамага чыгымдар) топтоштурат жана аларды ишкананын алкагындагы функционалдык багыттар ортосунда кайра бөлүштүрбөйт. Бул метод колдонууда жөнөкөй болушу мүмкүн, анткени чыгашаларды алардын арналышы боюнча ишкананын алкагында кайра бөлүштүрүүнүн зарылчылыгы жок. «Чыгашалардын мүнөзү боюнча» методун колдонуу менен классификациялоонун мисалын төмөнкүдөй кароого болот:

| | |
|---|---|
| Түшкөн киреше | X |
| Башка кирешелер | X |
| Даяр продукциянын запастарынын жана бүтпөгөн өндүрүштүн | |
| наркынын өзгөрүшү | X |
| Пайдаланылган чийки заттар жана сарпталуучу материалдар | X |
| Кызматкерлердин сыйакыларына чыгашалар | X |
| Амортизация боюнча чыгымдар | X |
| Башка чыгашалар | X |
| Жалпы чыгашалар | (X) |
| Салык салынууга чейинки пайда | X |

103 Экинчи формат «чыгашалардын арналышы боюнча» же «сатуулардын өздүк наркы боюнча» методдорун пайдаланып талдоону билдирет, анын алкагында чыгашалар сатуулардын өздүк наркынын бөлүгү катары же, мисалы, дистрибуцияга же административдик ишмердүүлүккө чыгымдар катары алардын арналышына жараша классификацияланат. Ишкана бул методдун алкагында минимум катары башка чыгашалардан бөлүү менен өзүнүн сатууларынын өздүк наркын ачып көрсөтө алат. Бул метод пайдалануучуларга чыгашаларды алардын мүнөзү боюнча классификациялоо

методуна салыштырмалуу бир кыйла жөндүү маалыматтарды бере алат, бирок, чыгымдарды алардын арналышы боюнча бөлүштүрүү өзү каалагандай бөлүштүрүүнү талап кылуусу мүмкүн жана баалоо ой жүгүртүүлөрүнө кыйла даражада байланыштуу болот. «Чыгашалардын арналышы боюнча» методун колдонуу менен классификациялоонун мисалын төмөнкүдөй кароого болот:

| | |
|---|---|
| Түшкөн киреше | X |
| Сатуулардын өздүк наркы | (X) |
| Дүң пайда | X |
| Башка кирешелер | X |
| Дистрибуцияга чыгымдар | (X) |
| Административдик чыгымдар | (X) |
| Башка чыгашалар | (X) |
| Салык салынууга чейинки пайда | X |

104 **Чыгашаларды алардын арналышы боюнча классификациялаган ишкана чыгашалардын мүнөзү жөнүндө, анын ичинде эскирүүгө жана амортизацияга чыгашалар жөнүндө жана кызматкерлердин сыйакылары жагындагы чыгашалар жөнүндө кошумча маалыматтарды ачып көрсөтүшү керек.**

105 «Чыгашалардын арналышы боюнча» деген методдун жана «чыгашалардын мүнөзү боюнча» деген методдун ортосундагы тандоо тарыхый жана тармактык факторлорго, ошондой эле ишкананын мүнөзүнө көз каранды болот. Эки метод тең ишкананын сатууларынын же өндүрүшүнүн деңгээлинин өзгөрүшүнө жараша, тикелей же кыйыр түрдө өзгөрө турган чыгымдар жөнүндө түшүнүк алууга мүмкүндүк берет. Маалыматтарды берүү методдорунун ар биринин ар кандай типтеги ишканалар үчүн артыкчылыктары бар болгондуктан, ушул стандарт ишкананын жетекчилигинен маалыматтарды берүүнүн ишенимдүү жана бир кыйла жөндүү болгон тартибин тандоону талап кылат. Бирок, чыгашалардын мүнөзү жөнүндө маалымат келечектеги акча каражаттарынын агымдарын болжолдоого жардам бере тургандыгына байланыштуу, кошумча маалыматты ачып көрсөтүү талап кылынат, мында чыгашаларды чыгымдардын арналышы боюнча классификациялоо методу пайдаланылат. 104-пунктта «кызматкерлердин сыйакылары» деген термин ФОЭС (IAS) 19дагы маанисинде колдонулат.

## Өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчет

## Өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчетто берилүүгө тийиш маалымат

106 **Ишкана өздүк капиталындагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчетту 10-пунктта талап кылынгандай түрдө бериши керек. Өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчетто төмөнкүдөй маалыматтар камтылат:**

**(a)** **мезгил ичиндеги жалпы жыйынды киреше, башкы ишкананын менчик ээлерине жана катышуунун контролдонбоочу үлүштөрүнө таандык кылынуучу жыйынтык суммаларды бөлүп көрсөтүү менен;**

**(b)** **өздүк капиталдын ар бир компоненти боюнча – ретроспективдүү колдонуунун же ретроспективдүү түзөтүүнүн ФОЭС (IAS) 8ге ылайык таанылган натыйжалары;**

**(c)** [алып салынган]

**(d)** **өздүк капиталдын ар бир компоненти боюнча - мезгилдин башталышына жана анын бүткөн күнүнө карата баланстык наркты текшерип салыштыруу, төмөндөгүлөрдүн натыйжасы болгон өзгөрүүлөрдү өз-өзүнчө ачып көрсөтүү менен (минимум катары):**

**(i)** **пайданын же зыяндын;**

**(ii)** **башка жыйынды кирешенин; жана**

**(iii)** **ушул сапатта аракеттенген менчик ээлери менен операциялардын, менчик ээлеринин салымдарын жана менчик ээлеринен бөлүнгөндөрдү, ошондой эле туунду ишканалардагы ээлик кылуу үлүштөрүндө болгон, контролду жоготууга алып келбеген өзгөрүүлөрдү өз-өзүнчө бөлүп көрсөтүү менен.**

## Өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчетто же эскертүүлөрдө берилүүгө тийиш маалымат

**106A** **Ишкана өздүк капиталынын ар бир компоненти боюнча – же өздүк капиталындагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчетто, же эскертүүлөрдө – башка жыйынды кирешенин беренелер боюнча талдоосун көрсөтүшү керек (106(d)(ii)-пунктту караңыз).**

**107** **Ишкана - же өздүк капиталындагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчетто, же эскертүүлөрдө – мезгил ичинде менчик ээлерине бөлүнгөн катары таанылган дивиденддердин суммасын, ошондой эле дивиденддердин акцияга эсептелгендеги тийиштүү суммасын көрсөтүшү керек.**

108 106-пунктта өздүк капиталдын компоненттерине, мисалы, өздүк капиталга салымдардын ар бир классы, башка жыйынды кирешенин ар бир классы боюнча топтолгон сальдо жана бөлүштүрүлбөгөн пайда киргизилген.

109 Отчеттук мезгилдин башталган жана бүткөн күндөрүнүн ортосунда ишкананын өздүк капиталында болгон өзгөрүүлөр ишкананын бул мезгил ичиндеги таза активдеринин көбөйүшүн же азайышын чагылдырат. Бул сапатта аракеттенген менчик ээлери менен операциялардын натыйжасы болуп саналган өзгөрүүлөрдү (капиталга салымдар, ишкананын өздүк үлүштүк инструменттерин кайра сатып алуу жана дивиденддер сыяктуу) жана мындай операцияларга тикелей байланышкан операциялык чыгымдарды кошпогондо, мезгил ичинде өздүк капиталдын көлөмүнүн жалпы өзгөрүүсү кирешелердин жана чыгашалардын, анын ичинде ушул мезгил ичинде ишкананын ишмердүүлүгүнөн улам жаралган пайдалардын жана зыяндардын жалпы суммасын билдирет.

110 ФОЭС (IAS) 8, башка ФОЭСке өтүү эрежелеринде башкача каралган учурларды кошпогондо, эсеп саясатындагы өзгөрүүлөрдү чагылдыруу үчүн практикада колдонуу

мүмкүн экендигине жараша аны ретроспективдүү оңдоп-түзөөлөрдү жүргүзүү талап кылат. ФОЭС (IAS) 8, ошондой эле, каталарды оңдоо үчүн кайра эсептеп чыгууну практикада колдонуу мүмкүн экендигине жараша аны ретроспективдүү түрдө жүргүзүү талап кылат. Ретроспективдүү оңдоп-түзөөлөр жана оңдоолор өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр болуп саналбайт, бирок алар, кайсы бир ФОЭС өздүк капиталдын башка компонентин ретроспективдүү оңдоп-түзөө талап кылынган учурларды кошпогондо, бөлүштүрүлбөгөн пайданын баштапкы калдыгын оңдоп-түзөйт. 106(b)-пункт өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчетто өздүк капиталдын ар бир компоненти боюнча, эсеп саясатындагы өзгөрүүлөрдөн улам келип чыккан оңдоп-түзөөлөрдүн жана каталарды оңдоодон улам келип чыккан оңдоп-түзөөлөрдүн жыйынтык суммалары жөнүндө маалыматтарды өз-өзүнчө ачып көрсөтүүнү талап кылат. Мындай оңдоп-түзөөлөр ар бир мурдагы мезгил үчүн жана учурдук мезгилдин башталышына карата ачып көрсөтүлүүгө тийиш.

## Акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчет

111 Акча каражаттарынын агымдары жөнүндө маалымат финансылык отчеттуулукту пайдалануучуларга акча каражаттарын жана акча каражаттарынын эквиваленттерин жаратууга ишкананын жөндөмдүүлүгүн, ошондой эле бул акча каражаттарынын агымдарын пайдаланыуудагы керектөөлөрүн түшүнүүгө негиз берет. ФОЭС (IAS) 7де акча каражаттарынын агымдары жөнүндө маалыматты берүүгө жана ачып көрсөтүүгө карата талаптар белгиленген.

## Эскертүүлөр

### Түзүм

**112 Эскертүүлөрдө:**

**(a) финансылык отчеттуулукту даярдоонун негизи жана колдонулуп жаткан эсеп саясатынын конкреттүү жоболору жөнүндө маалымат 117 – 124-пункттарга ылайык берилиши керек;**

**(b) бир дагы финансылык отчеттордо берилбеген, ФОЭС талап кылган маалымат ачып көрсөтүлүшү керек;**

**(c) бир дагы финансылык отчетто берилбеген, бирок кайсы отчетту болбосун түшүнүү үчүн жөндүү болгон маалымат камсыз кылынышы керек.**

**113 Ишкана эскертүүлөрдү иретке салынган түрдө муну практикада колдонуу канчалык мүмкүн экендигине жараша бериши керек. Аларды берүү тартибин аныктоодо ишкана эскертүүлөрдүн финансылык отчеттуулуктун түшүнүктүүлүгүнө жана салыштырмалуулугуна таасирин эске алууга тийиш. Ишкана финансылык абал жөнүндө, пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө берилген отчеттордун, ошондой эле өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жана акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчеттордун ар бир беренеси боюнча, аны менен байланышкан, эскертүүлөрдө ачып көрсөтүлгөн кайсы болбосун маалыматка кайчылаш шилтеме бериши керек.**

114 Эскертүүлөрдү иретке салып берүүнүн же топтоштуруунун мисалдарына төмөндөгүлөр кирет:

(a) ишкананын финансылык натыйжалуулугун жана финансылык абалын түшүнүү үчүн жөндүү болгон ишмердүүлүк чөйрөлөрүн конкреттүү операциялык ишмердүүлүк жөнүндө маалыматтарды топтоштуруу сыяктуу өзгөчө бөлүп көрсөтүү;

(b) окшош баалана турган беренелер жөнүндө маалыматтарды топтоштуруу, мисалы, адилет наркы боюнча бааланууучу активдер; же

(c) эскертүүлөрдү пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчетто (отчеттордо) жана финансылык абал жөнүндө отчетто беренелерди көрсөтүүнүн тартибине ылайык берүү, мисалы:

(i) Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына шайкеш келиши жөнүндө билдирүү (16-пунктту караңыз);

(ii) колдонулуп жаткан эсеп саясатынын негизги жоболору (117-пунктту караңыз);

(iii) финансылык абал жөнүндө отчеттордо жана пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчетто (отчеттордо), ошондой эле өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө жана акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчеттордо берилген эсепке алуу объекттери боюнча көмөкчү маалыматтар ар бир отчет жана ар бир берене берилген кезектүүлүк менен; жана

(iv) ачып көрсөтүлүүчү башкача маалыматтар, анын ичинде:

(1) шартуу милдеттенмелер жөнүндө (ФОЭС (IAS) 37ни караңыз) жана келечектеги операциялар боюнча таанылбаган келишимдик милдеттенмелер жөнүндө маалымат; жана

(2) финансылык эмес мүнөздөгү маалымат, мисалы, финансылык тобокелдиктерди башкаруу боюнча ишкананын максаттары жана саясаты жөнүндө маалымат (ФОЭС (IFRS) 7ни караңыз).

115 [Алып салынды]

116 Ишкана финансылык отчеттуулукту даярдоонун негиздери жөнүндө жана эсеп саясатынын конкреттүү жоболору жөнүндө маалыматты камтуучу эскертүүлөрдү финансылык отчеттуулуктун өз алдынча бөлүмү катары бөлүп көрсөтүшү мүмкүн.

### Эсеп саясаты жөнүндө маалыматтарды ачып көрсөтүү

**117 Ишкана эсеп саясатынын негизги жоболорунда төмөндөгүлөрдү ачып көрсөтүшү керек:**

**(a) финансылык отчеттуулукту түзүүдө пайдаланылган баалоо базасын (базаларын); жана**

**(b) колдонулуп жаткан эсеп саясатынын финансылык отчеттуулукту түшүнүү үчүн жөндүү болуп саналган башка жоболорун.**

118 Ишкана маалымат пайдалануучуларды финансылык отчеттуулукту даярдоодо пайдаланылган баалоо базасы же базалары (мисалы, тарыхый нарк, учурдагы нарк,

сатуунун мүмкүн болуучу таза баасы, адилет нарк же орду толтурулуучу нарк) жөнүндө кабардар кылышы маанилүү, анткени ишкана финансылык отчеттуулукту түзүү үчүн пайдаланган база маалымат пайдалануучулардын талдоо тыянактарына орчундуу өлчөмдө таасир кылат. Ишкана финансылык отчеттуулукта баалоонун бирден көп базасын пайдаланганда, мисалы, активдердин белгилүү бир класстары кайталап бааланганда, активдердин жана милдеттенмелердин ар бир база колдонула турган категорияларын көрсөтүү жетиштүү болот.

119 Эсеп саясатынын тигил же бул жобосун ачып берүү керекпи деген маселени чечүүдө ишкананын жетекчилиги бул маалыматты ачып көрсөтүү финансылык натыйжалуулуктун жана финансылык абалдын отчеттук көрсөткүчтөрүндө операциялар, башка окуялар жана шарттар кандайча чагылдырылганын маалымат пайдалануучулардын түшүнүүсүнө көмөк бере ала турганына баа берет. Ар бир ишкана мындай типтеги ишкананын финансылык отчеттуулугунда ачып көрсөтүлүшүн маалымат пайдалануучулар күтө турган өз операцияларынын мүнөзүн жана эсеп саясатынын принциптерин карап чыгат. Эсеп саясатынын конкреттүү жоболорун ачып көрсөтүү бул маалымат ФОЭСте уруксат берилген альтернативалардын ичинен ишкана тандап алган эсепке алуу варианттарын чагылдырганда өзгөчө пайдалуу болуп саналат. Буга мисал катары, ишкана өзүнүн инвестициялык мүлкүн баалоо үчүн адилет нарк боюнча моделди же баштапкы нарк боюнча моделди колдоно тургандыгы жөнүндө маалыматты ачып көрсөтө турганын алууга болот («*Инвестициялык кыймылсыз мүлк*» ФОЭС (IAS) 40ты караңыз). Кээ бир ФОЭСтер эсеп саясатынын конкреттүү жоболорун, анын ичинде ФОЭСте каралган альтернативалардын ичинен ишкананын жетекчилиги тандап алган эсепке алуу тартиби жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү жөнүндө талап камтылган. Мисалы, ФОЭС (IAS) 16да ар түрдүү класстардагы негизги каражаттар үчүн пайдаланыла турган баалоо базалары жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү талап кылынат.

120 [Алып салынды]

121 Суммалар учурдагы жана мурдагы мезгилдерде маанилүү болуп саналбаган учурда да, ишкананын ишмердүүлүгүнүн мүнөзүнөн улам эсеп саясатынын жобосу маанилүү болуп калышы мүмкүн. Ошондой эле, эсеп саясатынын ФОЭСте тикелей талаптар болбогон, бирок ишкана ФОЭС (IAS) 8ге ылайык тандап алган жана колдонуп жаткан ар бир маанилүү жобосун ачып көрсөтүү максатка ылайыктуу болот.

122 **Ишкана – эсеп саясатынын маанилүү жоболору менен бирге же башка эскертүүлөрдүн курамында – эсептик баалоолор менен байланышкан (125-пунктту караңыз), ишкананын эсеп саясатын колдонуу процессинде ишкана жетекчилиги тарабынан түзүлгөн жана финансылык отчеттуулукта таанылган суммаларга олуттуу таасир кылган ой жүгүртүүлөрдөн башка ой жүгүртүүлөр жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүшү керек.**

123 Ишкананын эсеп саясатын колдонуу процессинде ишкана жетекчилиги эсептик баалоолорго байланышкан, финансылык отчеттуулукта тааныла турган суммаларга орчундуу таасир кыла турган ой жүгүртүүлөрдөн башка ар кандай ой жүгүртүүлөрдү калыптандырат. Мисалы, ишкана жетекчилиги төмөнкүдөй маселелерди чечүүдө ой жүгүртүүлөрүн калыптандырат:

(a) [алып салынды]

(b) финансылык активдерге болгон менчик укугуна байланышкан, дээрлик бардык орчундуу тобокелдиктер жана пайдалар, ал эми ижарага берүүчүлөр үчүн – ижара келишимдеринин предмети болуп саналган активдер дагы, убакыттын кайсы учурунда башка ишканаларга өткөрүлүп бериле турганын; жана

(c) белгилүү бир операциялар маңызы боюнча каржылоо жөнүндө макулдашууну билдирерин же жоктугун жана, тиешелүү түрдө, кирешенин түшүшүнө алып келбестигин; жана

(d) финансылык активдер боюнча келишимдик шарттар негизги сумманы жана негизги сумманын төлөнө элек бөлүгү боюнча төлөм гана болуп саналуучу акча каражаттарынын агымдарынын белгилүү бир күндөргө карата келип чыгышын шарттай аларын же жоктугун.

124 122-пунктта каралган айрым маалыматтардын ачып көрсөтүлүшү башка ФОЭСтер тарабынан талап кылынат. Мисалы, *«Башка ишканаларга катышуусу жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү»* ФОЭС (IFRS) 12де ишкана башка ишкананы контролдойбу деген маселени чечүүдө ал түзгөн ой жүгүртүүлөр жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү талап кылынат. «*Инвестициялык кыймылсыз мүлк*» деген ФОЭС (IAS) 40 мүлктү классификациялоо кыйынчылык жаратткан учурларда инвестициялык кыймылсыз мүлктү жана ээси ээлеп турган кыймылсыз мүлктү, ошондой эле демейки ишмердүүлүктүн жүрүшүндө сатуу үчүн кармалып турган кыймылсыз мүлктү ажырымдоо үчүн ишкана тарабынан иштелип чыккан критерийлер жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү талабы коюлат.

## Эсептик баалоолорго байланышкан айкын эместиктин булактары

**125 Ишкана келечекке карата өзү жасаган божомолдор жөнүндө, ошондой эле эсептик баалоолорго байланышкан анык эместиктин башка негизги булактары жөнүндө маалыматтарды отчеттук мезгил бүткөн күнгө карата ачып көрсөтүшү керек, алар өзүндө кийинки финансылык жылда активдердин жана милдеттенмелердин баланстык наркын маанилүү оңдоп-түзөө талап кылына тургандыгынын орчундуу тобокелдигин камтыйт. Мындай активдерге жана милдеттенмелерге карата эскертүүлөрдө төмөндөгүлөр кең-кесири баяндалышы керек:**

**(a) алардын мүнөзү; жана**

**(b) отчеттук мезгил бүткөн күнгө карата алардын баланстык наркы.**

126 Кээ бир активдердин жана милдеттенмелердин баланстык наркын аныктоодо отчеттук мезгил бүткөн күнгө карата эсептик баалоону, болору ишенимдүү эмес келечектеги окуялардын бул активдерге жана милдеттенмелерге таасирин эске алуу талап кылынат. Мисалы, эгерде жакын арада түзүлгөн бүтүмдөрдүн байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук баалары жөнүндө маалымат болбосо, эсептик баалоолорду келечекке багыттоо менен пайдалануу талап кылынат, бул болсо негизги каражаттар класстарынын орду толтурулуучу наркын, технологиялык эскирүүнүн запастар үчүн кесепеттерин, бааланууччу милдеттенмелердин уланып жаткан соттук териштирүүлөрдүн келечектеги тыянагына жараша болуучу көлөмүн жана пенсиялык милдеттенмелер сыяктуу кызматкерлердин сыйакыларына карата узак мөөнөттүү милдеттенмелердин көлөмүн баалоо үчүн керек. Мындай эсептик баалоолор акча каражаттарынын агымдарынын же дисконттоо ставкаларынын көлөмүн тобокелдикти эсепке алуу менен оңдоп-түзөө, башка чыгымдарга таасир көрсөтө турган, эмгек акынын өлчөмүндөгү келечектеги өзгөрүүлөр жана

баалардагы келечектеги өзгөрүүлөр сыяктуу аспекттерге карата божомолдорду пайдаланууну талап кылат.

127 125-пунктка ылайык ачып көрсөтүлө турган, эсептик баалоолорго байланышкан божомолдор жана айкын эместиктин башка булактары ишкана жетекчилигинен бир кыйла татаал, субъективдүү жана комплекстүү ой жүгүртүүнү талап кылуучу эсептик баалоолорго тиешелүү болот. Айкын эместиктин келечектеги мүмкүн болуучу чечилишине таасир кылуучу өзгөрмөлөрдүн жана божомолдордун санынын өсүшү менен бул ой жүгүртүүлөр барган сайын субъективдүү жана татаал боло баштайт, мунун натыйжасында адатта кийин активдердин жана милдеттенмелердин баланстык суммасын маанилүү оңдоп-түзөөгө туура келе тургандыктын тобокелдиги жогорулайт.

128 Кийинки финансылык жыл ичинде баланстык наркы мүмкүн болуучу маанилүү өзгөртүүнүн орчундуу тобокелдигине учурай турган активдерге жана милдеттенмелерге карата алганда, эгерде отчеттук мезгил бүткөн күнгө карата алар окшош активге же милдеттенмеге карата активдүү рынок котировкасына жараша адилет нарк боюнча бааланса, 125-пунктта каралган маалыматты ачып көрсөтүү талап кылынбайт. Ушундайча аныкталган адилет нарк кийинки финансылык жылда маанилүү өзгөрүшү мүмкүн, бирок бул өзгөрүүлөр отчеттук мезгил бүткөн күнгө карата алганда божомолдордун же айкын эместикти баалоонун башка булактарынын натыйжасы боло албайт.

129 Ишкана 125-пунктта талап кылынган маалыматты келечекке карата жана эсептик баалоолорго байланышкан айкын эместиктин башка булактарына карата ишкана жетекчилиги тарабынан түзүлгөн ой жүгүртүүлөр финансылык отчеттуулукту пайдалануучуларга түшүнүктүү болгондой таризде берет. Мындай маалыматтын мүнөзү жана көлөмү тийиштүү божомолдун жана башка жагдайлардын мүнөзүнө жараша өзгөрүп турат. Ишкана ачып көрсөтө турган маалыматтардын мисалдары төмөндөгүлөр:

(a) тийиштүү божомолдун же эсептик баалоо менен байланышкан башка айкын эместиктин мүнөзү;

(b) баланстык суммалардын эсептөө негизделип жаткан методдорго, болжолдорго жана эсептик баалоолорго карата сезгичтиги, анын ичинде мындай сезгичтиктин себептери;

(c) айкын эместикти чечүүнүн күтүлүүчү натыйжасы жана тийиштүү активдердин жана милдеттенмелердин баланстык наркынын кийинки финансылык жылдагы негиздүү ыктымал маанилеринин диапазону; жана

(d) эгерде айкын эместик чечилбеген бойдон калса, болуп өткөн өзгөрүүлөрдү бул активдерге жана милдеттенмелерге карата мурдагы божомолдорго салыштырып түшүндүрүү.

130 Ушул стандарт 125-пунктта каралган маалыматтарды ачып көрсөтүүдө ишкананын бюджеттик маалыматтарды же болжолдорду ачып көрсөтүүсүн талап кылбайт.

131 Кээде кайсы бир божомолдун же эсептик баалоолорго байланышкан айкын эместиктин башка булагы тийгизүүчү ыктымал таасирдин даражасы жөнүндө маалыматты отчеттук мезгил бүткөн күнгө карата ачып көрсөтүүнү практикада колдонууга мүмкүн эмес болуп саналат. Мындай учурларда ишкана, бар маалыматтарга таянуу менен, эгерде кийинки финансылык жылда иш жүзүндөгү натыйжа болжолдонгондон айырмаланса, тийиштүү активдин же милдеттенменин баланстык наркын маанилүү оңдоп-түзөө талап кылынышы

мүмкүндүгүн күтүүгө негиздер бар деп көрсөтөт. Бардык учурларда ишкана ушул божомол тиешелүү болгон конкреттүү активдин же милдеттенменин (же активдер же милдеттенмелер классынын) мүнөзүн жана баланстык наркын ачып көрсөтөт.

132 122-пунктка ылайык ачып көсөтүлүүчү, ишкананын эсептик саясатын колдонуу процессинде ишкана жетекчилиги тарабынан түзүлүүчү конкреттүү ой жүгүртүүлөр жөнүндө маалымат эсептик баалоолорго байланышкан, 125-пунктка ылайык ачып көрсөтүлүүчү айкын эместик булактары жөнүндө маалымат менен байланыштырылбайт.

133 Башка ФОЭСтер, бөлөк учурларда 125-пунктка ылайык ачып көрсөтүү талап кылына турган божомолдордун айрымдары жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүүнү талап кылат. Мисалы, ФОЭС (IAS) 37 белгилүү бир жагдайларда бааланууучу милдеттенмелердин класстарына тиешелүү келечектеги окуяларга карата негизги болжомолдор жөнүндө маалыматтарды ачып көрсөтүү талабын коет. *«Адилет наркты баалоо»* ФОЭС (IFRS) 13 адилет нарк боюнча чагылдырылуучу активдердин жана милдеттенмелердин адилет наркын баалоодо ишкана пайдалануучу орчундуу божомолдор жөнүндө (баалоо методун (методдорун) жана баштапкы параметрлерди кошо алганда) маалыматтарды ачып көрсөтүүнү талап кылат.

## Капитал

**134 Ишкана анын финансылык отчеттуулугун пайдалануучуларга капиталды башкаруунун ишкана кабыл алган максаттарын, саясатын жана процесстерин баалоого мүмкүндүк берүүчү маалыматты ачып көрсөтүшү керек.**

135 134-пунктту аткаруу үчүн ишкана төмөндөгүлөрдү ачып көрсөтөт:

(a) капиталды башкаруудагы өз максаттары, саясаты жана башкаруу процесстери жөнүндө сапаттык мүнөздөгү маалыматтарды, анын ичинде:

(i) ал эмнелерди капитал катары башкара турганын;

(ii) ишканага капиталга болгон сырткы талаптар жайылтылган учурда бул талаптардын мүнөзү жана бул талаптар капиталды башкаруу процессине кандайча камтыла турганын; жана

(iii) ишкана өзүнүн капиталды башкаруу боюнча максаттарына кандайча жетише тургандыгы.

(b) ишкана капитал катары эмнелерди башкара тургандыгына карата жалпыланган сандык маалыматтарды. Айрым ишканалар капиталга белгилүү бир финансылык милдеттенмелерди (мисалы, субординацияланган карыздын айрым формаларын) киргизет. Башка ишканалар капиталдын курамынан өздүк капиталдын айрым компоненттерин (мисалы, акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөнүн натыйжасында келип чыгуучу компоненттерди) чыгарып салат.

(c) мурдагы мезгилге салыштырганда (a) жана (b) пунктчаларындагы кандай болбосун өзгөрүүлөрдү.

(d) ишкана отчеттук мезгилде капиталга карата ал аткарууга милдеттүү болгон тышкы талаптарды аткарган-аткарбаганын.

© ФОЭС Фонду

(e) ишкана капиталга карата мындай тышкы талаптарды аткарбаган учурда, мындай бузуулардын натыйжаларын.

Ишкана бул маалыматтарды негизги башкаруучу персоналга берилүүчү ички маалыматтарга таянуу менен ачып көрсөтөт.

136 Ишкана капиталды башкарууну ар түрдүү ыкмалар менен жүргүзө алат жана ага капитал жагындагы ар кандай талаптар коюлушу мүмкүн. Мисалы, камсыздандыруу ишмердүүлүгүн жана банктык ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруучу жана ошону менен бирге бир нече юрисдикцияда иштөөчү ишканалар конгломераттын курамына кириши мүмкүн. Капиталга карата талаптар жөнүндө жана капиталды башкарууга карата кабыл алынган ыкмалар жөнүндө маалыматтарды агрегацияланган ачып көрсөтүү пайдалуу маалыматты камсыз кылбаган жана финансылык отчеттуулукту пайдалануучуларга бул ишканада бар болгон капитал жөнүндө бурмаланган түшүнүк берген учурларда ишкана ал аткарууга милдеттүү болгон, капитал жагындагы ар бир талап боюнча маалыматты өзүнчө ачып көрсөтүшү керек.

## Өздүк капиталдын бөлүгү катары классификациялануучу кайра артка сатуу укугу менен финансылык инструменттер

**136A Үлүштүк инструменттер катары классификациялануучу кайра артка сатуу укугу менен финансылык инструменттерге карата ишкана төмөнкүдөй маалыматты (башка бөлүмдөрдө ачып көрсөтүлбөгөн бөлүгүндө) ачып көрсөтүшү керек:**

**(a) өздүк капитал катары классификацияланган сумма жөнүндө жалпыланган сандык маалыматтарды;**

**(b) кайра артка сатып алууну жүзөгө ашыруу же бул инструменттерди алардын кармоочуларынын талабына жараша төлөө жагындагы өз милдеттүүлүгүн башкаруу боюнча максаттарды, саясатты жана процесстерди, анын ичинде мурдагы мезгилге салыштырмалуу кайсы болбосун өзгөрүүлөрдү;**

**(c) бул класстагы финансылык инструменттерди төлөөдө же кайра сатып алууда күтүлүүчү акча каражаттарынын чыгышы; жана**

**(d) төлөөдө же кайра артка сатып алууда күтүлгөн акча каражаттарынын чыгышынын көлөмү кандайча аныкталганы жөнүндө маалыматты.**

## Башка маалыматтарды ачып көрсөтүү

**137 Ишкана эскертүүлөрдө төмөнкүдөй маалыматтарды ачып көрсөтүшү керек:**

**(a) финансылык отчеттуулук чыгарууга жактырылган күнгө чейин сунушталган же жарыяланган, бирок отчеттук мезгилде менчик ээлерине бөлүштүрүлгөн катары таанылбаган дивиденддердин суммасын, ошондой эле акцияга эсептелгендеги тийиштүү сумманы; жана**

**(b) топтолгон артыкчылыктуу акциялар боюнча таанылбаган кайсы болбосун дивиденддердин суммасын.**

**138 Ишкана, эгерде алар финансылык отчеттуулук менен бирге жарыяланган башка маалыматтардын курамында ачып көрсөтүлө элек болсо, төмөнкүдөй маалыматтарды ачып көрсөтүшү керек:**

**(a)** **ишкананын жайгашкан жерин жана уюштуруучулук-укуктук формасын, ал юридикалык катталган өлкөнү жана анын юридикалык дарегин (эгерде юридикалык даректен башкача болсо, бизнес жүргүзгөн негизги жерин);**

**(b)** **ишкананын операцияларынын мүнөзүнүн жана анын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарынын сыпаттамасын;**

**(c)** **ушул топтун башкы ишканасынын жана акыркы башкы ишканасынын аталышын; жана**

**(d)** **чектелген мөөнөткө түзүлгөн ишканаларга карата ишкананын иштөөсүнүн узактыгы жөнүндө маалыматты.**

## Өткөөл жоболор жана күчүнө кирүү күнү

139 Ишкана ушул стандартты 2009-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата колдонушу керек. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана ушул стандартты алда канча эрте мезгилге карата колдоно баштаса, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

139A ФОЭС (IAS) 27 (2008-жылдагы түзөтүүлөрдү эске алуу менен) тарабынан 106-пунктка түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана бул түзөтүүлөрдү 2009-жылдын 1-июлунан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата колдонушу керек. Эгерде ишкана ФОЭС (IAS) 27ни (2008-жылдагы түзөтүүлөрдү эске алуу менен) алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, бул түзөтүүлөр да ушул алда канча эрте мезгилге карата колдонулушу керек. Түзөтүүлөр ретроспективдүү түрдө колдонулууга тийиш.

139B 2008-жылдын февралында чыгарылган «*Кайра артка сатуу укугу менен финансылык инструменттер жана жоюуда келип чыгуучу милдеттер*» (ФОЭС (IAS) 32ге жана ФОЭС (IAS) 1ге түзөтүүлөр) документи менен 138-пункт өзгөртүлгөн жана 8A, 80A жана 136A-пункттары кошумчаланган. Ишкана бул түзөтүүлөрдү 2009-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата колдонушу керек. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана бул түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүшү керек жана муну менен бир убакта ал ФОЭС (IAS) 32ге, ФОЭС (IAS) 39га, ФОЭС (IFRS) 7ге жана «*Кооперативдик ишканалардагы катышуучулардын үлүштөрү жана ушул сыяктуу инструменттер*» ЭФОТК (IFRIC) 2ге түзөтүүлөрдү колдоно баштоого тийиш.

139C 68 жана 71-пункттар 2008-жылдын майында чыгарылган *«ФОЭСтерди жакшыртуу*» документи менен өзгөртүлгөн. Ишкана бул түзөтүүлөрдү 2009-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата колдонушу керек. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана бул түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүшү керек.

139D 69-пункт 2009-жылдын апрелинде чыгарылган *«ФОЭСтерди жакшыртуу»* документи менен өзгөртүлгөн. Ишкана бул түзөтүүлөрдү 2010-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата колдонушу керек. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана бул түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүшү керек.

139E [Алып салынды]

© ФОЭС Фонду

139F 2010-жылдын майында чыгарылган *«ФОЭСтерди жакшыртуу»* документи менен 106 жана 107-пункттарга түзөтүүлөр киргизилген, 106А-пункт кошумчаланган. Ишкана бул түзөтүүлөрдү 2011-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата колдонушу керек. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет.

139G [Алып салынды]

139H 2011-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 10 жана ФОЭС (IFRS) 12 тарабынан 4, 119, 123 жана 124-пункттарга түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана бул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 10ду жана ФОЭС (IFRS) 12ни колдонуу менен бир эле убакта колдонушу керек.

139I 2011-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 13 тарабынан 128 жана 133-пункттарга түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана бул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 13тү колдонуу менен бир эле убакта колдонушу керек.

139J 2011-жылдын июнунда чыгарылган *«Башка жыйынды кирешенин беренелерин көрсөтүү»* (ФОЭС (IAS) 1ге түзөтүүлөр) документи менен 7, 10, 82, 85 - 87, 90, 91, 94, 100 жана 115-пункттарга түзөтүүлөр киргизилген, 10А, 81А, 81В, 82А-пункттары кошумчаланган жана 12, 81, 83, 84-пункттар алып салынган. Ишкана бул түзөтүүлөрдү 2012-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата колдонушу керек. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана бул түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүшү керек.

139K *«Кызматкерлердин сыйакылары»* ФОЭС (IAS) 19 (2011-жылдын июнунда киргизилген түзөтүүлөрдү эске алуу менен) тарабынан 7-пунктка жана 96-пунктка «башка жыйынды кирешенин» аныктамасына тиешеси бар түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана бул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IAS) 19ду (2011-жылдын июнунда киргизилген түзөтүүлөрдү эске алуу менен) колдонуу менен бир эле убакта колдонушу керек.

139L 2012-жылдын майында чыгарылган *«ФОЭСти жыл сайын жакшыртуу,* 2009 – 2011-жылдар аралыгы» документи менен 10, 38 жана 41-пункттарга түзөтүүлөр киргизилген, 39 – 40-пункттар алып салынган жана 38А - 38D жана 40А - 40D-пункттары кошумчаланган. Ишкана бул түзөтүүлөрдү *«Эсеп саясаты, бухалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар»* ФОЭС (IAS) 8ге ылайык ретроспективдүү түрдө, 2013-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата колдонушу керек. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана бул түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүшү керек.

139M [Алып салынды]

139N 2014-жылдын майында чыгарылган *«Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн киреше»* ФОЭС (IFRS) 15 тарабынан 34-пунктка түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана бул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 15ти колдонуу менен бир эле убакта колдонушу керек.

139O 2014-жылдын июлунда чыгарылган ФОЭС (IFRS) 9 тарабынан 7, 68, 71, 82, 93, 95, 96, 106 жана 123-пункттарга түзөтүүлөр киргизилген жана 139E, 139G жана 139M-пункттар алып салынган. Ишкана бул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуу менен бир эле убакта колдонушу керек.

139P 2014-жылдын декабрында чыгарылган «*Маалыматты ачып көрсөтүү чөйрөсүндөгү демилге* (ФОЭС (IAS) 1ге түзөтүүлөр)» документи менен 10, 31, 54 - 55, 82А, 85, 113 - 114, 117, 119 жана 122-пункттарга түзөтүүлөр киргизилген, 30А, 55А жана 85А - 85В-пункттар

© ФОЭС Фонду

кошумчаланган, 115 жана 120-пункттар алып салынган. Ишкана бул түзөтүүлөрдү 2016-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата колдонушу керек. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Ишканалар ФОЭС (IAS) 8дин 28–30-пункттарында ушул түзөтүүлөр боюнча талап кылынган маалыматты ачып көрсөтүүгө милдеттүү эмес.

139Q 2016-жылдын январында чыгарылган «*Ижара*» ФОЭС (IFRS) 16 тарабынан 123-пунктка өзгөртүүлөр киргизилген. Ишкана бул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 16ны колдонуу менен бир эле убакта колдонушу керек.

139R *[Бул пункт али күчүнө кире элек түзөтүүлөргө тиешелүү, ошондуктан ушул редакцияга киргизилген жок.]*

139S 2018-жылы чыгарылган *«ФОЭС стандарттарындагы «Концептуалдык негиздерге» берилген шилтемелерге карата түзөтүүлөр*» документи менен 7, 15, 19 - 20, 23 - 24, 28 жана 89-пункттарга түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана бул түзөтүүлөрдү 2020-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата колдонушу керек. Ишкана «*ФОЭС стандарттарындагы «Концептуалдык негиздерге» берилген шилтемелерге карата түзөтүүлөр*» документи менен киргизилген бардык башка түзөтүүлөрдү колдонгон шартта жогорудагы түзөтүүлөрдү мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Ишкана ФОЭС (IAS) 1ге карата ушул түзөтүүлөрдү *«Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар*» ФОЭС (IAS) 8ге ылайык ретроспективдүү түрдө колдонушу керек. Бирок, эгерде ишкана ретроспективдүү колдонууну практикада мүмкүн эмес же ашкере чыгымдарды жана аракеттерди талап кылат деп эсептесе, ал ФОЭС (IAS) 1ге карата бул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IAS) 8дин 23–28, 50–53 жана 54F-пункттарына ылайык колдонушу керек.

139T 2018-жылдын октябрында чыгарылган *«Маанилүүлүктүн аныктамасы*» (ФОЭС (IAS) 1ге жана ФОЭС (IAS) 8ге карата түзөтүүлөр) документи менен ФОЭС (IAS) 1дин 7-пунктуна жана ФОЭС (IAS) 8дин 5-пунктуна түзөтүүлөр киргизилген, ошондой эле ФОЭС (IAS) 8дин 6-пункту алып салынган. Ишкана бул түзөтүүлөрдү 2020-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык отчеттук мезгилдерге карата перспективалык колдонушу керек. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана ушул түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүшү керек.

## ФОЭС (IAS) 1дин (2003-жылы кайра каралган) колдонулушун токтотуу

140 Ушул стандарт 2003-жылы кайра каралган жана 2005-жылдагы түзөтүүлөр эске алынган *«Финансылык отчеттуулукту берүү*» ФОЭС (IAS) 1ди алмаштырат.